**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы**

Рыскулова Гүлжамал Уметкуловна,
Рыскулова Элиза Уметкуловна

# ПУНКТУАЦИЯ БОЮНЧА КӨНҮГҮҮЛӨР ЖЫЙНАГЫ

***Жалал-Абад, 2011***

УДК 80-81
ББК 84
П89

**Рецензенттер:**
*Филол. илим. докт., проф.* **С. Өмүралиева**
*Филол. илим. канд., доцент* **А. Абдыкалыкова**

**Жооптуу редактор** *Филол. илим. докт., проф.* **С. Мусаев**

**ПУНКТУАЦИЯ БОЮНЧА КӨНҮГҮҮЛӨР ЖЫЙНАГЫ.**
*Түзгөндөр:* **Г. У. Рыскулова, Э. У. Рыскулова. - Жалал-Абад: 2011. -64 б.**

ISBN 978-99-67-09-204-4

***Бул көнүгүүлөр жыйнагында пунктуациянын маанисин жана милдетин анын интонация менен болгон байланышын, тыныш белгилеринин коюлуш принциптерин, эрежелерин камтыган көнүгүүлөр, диктанттардын түрлөрү берилген. Аталган көнүгүүлөр жыйнагы кыргыз тилчи мугалимдерине, филология факультетинин студенттерине, тыныш белгилеринин коюлушуна кызыккан жалпы эле окурмандарга арналат.***

П 4602000000-11 УДК 80-81
ISBN 978-99-67-09-204-4 ББК 84

© *Түзгөндөр:* Рыскулова Г. У. , Рыскулова Э. У. , 2011

# КИРИШҮҮ

Студенттердин алган билимдерин өркүндөтүүдө, аларды логикалык жактан терең талдап, өз ойлорун кагаз бетине туура жазып түшүрүүдө орфография сыяктуу эле, тыныш белгилеринин мааниси да чоң болуп эсептелет.

Орфография – туура жазууну окуп үйрөтсө. Пунктуация – тыныш белгилерин жана ал белгилердин эрежелерин туура колдонуу жөнүндө үйрөтөт. Ал эми пунктуация оозеки речтеги интонация менен байланыштуу каралат. Интонация дегенибиз – үн ыргактарынын төмөн же жогору, акырын же ылдам абалда болушу. Сүйлөп жатканда белгилүү жерлерге тыным жасалат, ички сезимдер ар кандай интонациялар аркылуу билдирилет. Ал эми жазууда булар тиешелүү тыныш белгилерин талап кылат, бирок бардык учурда эмес. Тыныш белгилерди жакшы өздөштүрүп үйрөнүү менен өзүбүздүн оюбузду, пикирибизди ачык-так билдирүүгө, ошол эле учурда өзүбүздүн жана башкалардын ички сезимдерин ар кандай эмоциялык сезимдерин дал өзүндөй туура кабыл алууга мүмкүнчүлүк алабыз. Тыныш белгилерин жазууда, туура колдонууда биз интонация менен эле чектелбестен, грамматиканын маселелерин да мыкты өздөштүрүүгө туура келет. Анткени, белгилүү бир сүйлөмдүн тыныш белгиси ошол сүйлөмдүн түзүлүшүнө, синтаксистик эрежелерге байланыштуу коюлат. Сүйлөмдү синтаксистик жактан талдай билүү ошол сүйлөмгө тыныш белгисин туура коюуга жеңилдик берет. Демек, тыныш белгилерин окуп үйрөнүүдө, жазууда, туура колдонууда негизинен үч принципке таянабыз: 1) тилдин грамматикалык түзүлүшүнө; 2) сүйлөмдүн маанисине; 3) речтин интонациясына.

Адамдардын өз ара пикир алышуусу жалаң эле оозеки речь менен эле чектелбейт, жазуу түрүндө да жеткирилет. Өзгөчө азыркы компьютерлештирилген заманда жазма речтин мааниси күндөн-күнгө өзгөчө мааниге ээ болуп баратат. Башкача айтканда ар кандай иш процессинин жүрүшүн кагазсыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Ал эми кагазга ойду туура түшүрүүдө, тыныш белгилерин туура коюуда бир эле тилчилер эле эмес

башка кесиптин кызматкерлери да туш болот. Коомдогу ар кандай кесиптин ээлери өз ой пикирлерин кагазга туура, ачык-таk дал өзүндөй түшүрүп берүүдө тыныш белгилеринин кызматы чоң. Тыныш белгилеринин коюлуш принциптерин туура үйрөнүп, өздөштүрүп алуунун өзү бул келечектеги жана азыркы коомубуздун келечеги үчүн орду чоң.

Мына ушуларды эске алып биз бул жыйнакта тыныш белгилеринин коюлуш принциптерине, тыныш белгилеринин түрдүү эрежелерине, интонация менен болгон байланышына тиешелүү болгон көнүгүүлөрдү берүүгө аракеттендик. Акырында тыныш белгилеринин коюлушуна байланышкан диктанттардын айрым түрлөрүнөн көрсөттүк. Булар студенттердин тыныш белгилери боюнча алган билимдерин бекемдөөдө, бышыктоодо жардам болот деген ойдобуз.

## ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРДИН МААНИСИ ЖАНА КЫЗМАТЫ

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү мисалдардагы коюлган тыныш белгилеринин маанисин түшүндүргүлө.

1. Ырчынын баары дүбүрөп,
Ээрчиптир, Токо өзүңдү,
Элет кыргыз тууганың,
Эрмек кылат өзүңдү. *(Тоголок Молдо)*

2. Өмүрүм окуу менен өттү менин,
Үйрөнүп дүйнө сырын бүттүм дедим.
А бирок айкын болду карыган чакта,
Мен али эч нерсени биле элегим. *(Омор Хаям)*

3. Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кайда калбайт сүйгөн жардын көз жашы.
Эгер “кел,кел” деп Ата Мекен чакырса,

“Аманбыдан” “кош” деп айткан сөз жакшы. *(А. Осмонов)*

4. Бабалар кылган иш бекен,
Баатырлар баскан из бекен?
Же болбосо акыйкат,
Туурдан качкан куш бекен?
Жардамы бар, өзү жок,
Эңсесең, кирер түш бекен? *(Т. К. )*

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилеринин жазма тилдеги маанисин түшүндүргүлө.

1. Булбулдун уулу мен элем,
Тулпардын башы сен элең.
Бууданды минип мен качып,
Бурулуп качан эл көрөм. *(Токтогул ырчы)*

2. – Мен ыр билбейм, билим айтып бербейинби, унуттум, таштап койгом деп жатпаймбы! – деп үнүн көтөрө сүйлөдү. Мен ошондо ушунча эңсеп, зарыгып жүрүп көргөн акынымдан тескери жооп угуп турганыма ишене бербей:

Сиздин ырдын жазылбай калганынан кыргыз элинин чыгармасы жарды болуп калмак беле, ал өзүңүз үчүн керек эле, атам деле бекер эле мактап жүргөн экен! – дедим. *(Сарыкунан. 384-б.)*

3. Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар «Дүйшөндүн мектеби» - деп койчу. Бир кездерде ошол дөбөнүн үстүндө мектеп болгон имиш. Ошол мектептин ордун издеп да көрдүм, кийинчерээк: «Эмне үчүн Дүйшөндүн мектеби?» Ал кайсы Дүйшөн?» - деп карыялардан сураштырсам, алар эч бир кызыгышпайт, кайдыгер гана жең шилтеп коюшту:

«Э, ушул эле жерде жүргөн аксак кой Дүйшөн. Кечээ тиги дөбөдө бир жаман там болор эле, Дүйшөн ошого мектеп ачып, бала окуткан. Мектеп дегендей да эмес болчу, тимеле бир кепе. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да. Андан бери ал жаман тамдын топурагы да калган жок, бир пайдасы

жок, бир пайдасы - аты жок дөбө эле, «Дүйшөндүн мектеби» - болуп калды…». *(Биринчи мугалим)*

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилерин туура коюп көчүрүп жазгыла.

Биринчи диссертациямды Москвада коргодум Мен үчүн бул чоң эмгек чоң жеңиш болду Бул мезгилдин ичинде айылга кайрылып барууга чолом тийбеди. Аңгыча согуш чыгып кетти Кез-кезде Москвадан эвакуацияланып Фрунзеге кетип бара жатканымда Дүйшөн узаткан станциядан түшүп калып биз тараптагы совхоздун арабасына олтуруп айылга бардым О айланайын туулган жерим ай кан төгүлгөн кыйын учурда кайрылууга туура келди айыл кыштак көбөйүп жолдор көпүрөлөр салынып таанылгыстай өзгөргөнүнө кубансам да согуштун кесепетинен томсоруп келе жаттым айылга жакындай бергенде колхоздун жаңы салынып бак-дарактуу көчөлөрүнө карап биздин мектеп турчу дөбөгө көз жүгүрткөндө демим оозума тыгылып toктоду шынарланган эки терек жанаша кыналышып дөбөдө чайпалышып турган экен

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү ырды көрктүү окугула. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

Кудай берет, ар адамга тагдырды,
Мен да өтөмүн, Сен да өтөсүң акыры.
Жер-Эненин кучагында мемиреп, -
Аалам алпы Айтматов да жатыры…

Аалам Алпы уктап жатат тирүүдөй,
Кебетеси бирге жүргөн күнүндөй.
Жаштык десе Айтматовду түшүнүп, -
Жүрүптүрбүз даңазалуу Сүйүүдөй!

Айтматов бар Аалам толук көрүнчү,
Ар аткан таң Кубаныч деп сөгүлчү.
Айкөлдүгү Манас баба өңдөнүп, -
Мээрими да Күн нурундай төгүлчү!

Суктандырган эмгектерди жаратып,
Сүйүү берип, Жан дүйнөнү тазартып.
Айтматовду окуп чыкса бир жолу, -
Өмүр өтсө – Мезгилинен жашартып…

Айтматовду кимдер билбейт дүйнөдө,
Жашы дебей, кары дебей сүйгөнгө.
А биз болсо аяп койбой Жүрөгүн, -
Ушак айтып, кубандык го күйгөнгө.

*(А. Акматалив. Жан сырым. )*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Ооба, жолдоштор, демократия, интелегенция, баса, албетте, чиркин, жер да, окуя, балким, катыгүн, саясат, митинг, фермер, айдоо жер, агын суу.

## ИНТОНАЦИЯ ЖАНА ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү мисалдардагы интонация менен тыныш белгилерине көңүл бургула.

1. Басылганча туралы деп кичине,
Баш катабыз бир күрмөнүн ичине.
Ошол түндү дал ошентип өткөрдүк,
Неге мынча сүйүү кызык кишиге. *(Ала-Тоо таңшыйт)*

2. Тоолор, тоолор, тоолор муңайым,
Толгонушат тартып убайым.
Торгой, торгой, торгой, сайрачы
Толукшуган үнүң угайын.

3. Оо, досум, өмүр берген сага, мага
Болгону от, суу жана чопо, аба.

4. Сырыңды, оюңду ачпа сен эч кимге,
Ачтыңбы, күнөө койгун сен өзүңө. *(Ж. Баласагын)*

• ***Көнүгүү*** Оозеки тилдеги интонация менен жазма тилдеги тыныш белгилеринин бири-бирине дал келиш учурларын окуп, түшүнүп бир нече мисалдарды жазгыла.

1. Оозеки тилдеги суроо интонациясына жазма тилдеги суроо белгиси туура келет.
2. Кубануу, таң калуу, буйруу ж. б. өңдүү эмоциялык сезимдерге илеп белгиси туура келет.
3. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөм жалпыланган мааниде болуп, андан кийинки сүйлөм же сөз тизмектери анын маанисин ачып, чечмелеп, тактап турса, оозеки сүйлөөдө биринчи сүйлөмдөн кийин эскертүү маанисиндеги тыным болот, жазууда ал тыным болгон жерге кош чекит коюлат.
4. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасындагы санак интонацияларга үтүр туура келет.
5. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдөн мурун жана кийин келген тынымга жазууда алардын эки жагынан коюлган үтүр белгилери туура келет. (Т. Акхматов)

• ***Көнүгүү*** Озеки тилдеги интонация менен жазма тилдеги тыныш белгилери кайсыл учурларда дал келбей калат. Бир нече мисалдарды түзүп, түшүндүргүлө.

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү ырдагы интонация менен тыныш белгилерине көңүл бургула.

**Күн**

Угуп тургун, калайык,
Күн – өмүрдүн азыгы.
Күндү кошуп ырдаган
Акын Барпы ашыгы.

Жамгырды сууну жараткан
Чыккан күндүн жарыгы.
Жамгыр, суудан жанданат,
Өсүмдүктүн тамыры.
Күн болбосо көрбөйсүң,
Жарык дүйнө шарыны.
Күндүн нуру блобосо,
Суу күркүрөп көбөйбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Өсүп гия көгөрбөйт.
Бардыгына Күн себеп,
Күнсүз дүйнө жаңырбайт.
Чыгыш жактан Батышка
Жүрүп турган – чыккан Күн.
Жарык нуру дүйнөгө
Тийип турган – чыккан Күн.
Суукту айдап, ысытып,
Суунган боюн кызытып,
Күйүп турган – чыккан Күн.
Карыны да, жашты да
Нуру менен кучактап
Сүйүп турган – чыккан Күн

*(Барпы. Күн)*

• ***Көнүгүү*** «Туулган жерди сагынуу» деген темада эссе жазгыла. Тыныш белгилеринин коюлушуна көңүл бургула.

## Тыныш белгилерин коюунун принциптери

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Жаштык деп аталуучу жыргал учур
   Капырай көз ирмемде кайда кетти? *(Омор Хаям)*

2. Үйүр-үйүр жылкы айдаган,
   Атам жүргөн жерди сагындым. *(К. Т. )*

3. Ал түнү айта бердим жетине албай
Калтырбай бул дүйнөдөн билгенимди. *(А. Осмонов)*

4. Ардагым – сен, Жамийла,
Жалжалым – сен, Жамийла!

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү келтирилген мисалдардагы тыныш белгилерди кайсыл принциптерге негизделип коюлганын түшүндүргүлө.

Адамдар: мүнөз, жүрүм-турушунан, кылган иштери менен бири-биринен айырмаланып турушат. Кыргыз санжырасында, дал ушундай, өзүнүн мүнөзү, кылган иштери менен башкалардан айырмаланып турган инсандын бири – Үмөталы. Ормондун опузасы – белгилүү бир ишти жеңил бүтүрүү үчүн колдонулса, Үмөталынын иштеген иштери – чар-жайыт, капысынан эле максатсыз иштелгендей сезилет. Калпы-чынынын ким билет, Үмөталы үйлөнгөндө, алты кызды өлтүрүп, жетинчи кызга үйлөнгөн, деген уламыш айтылат. Ормон – Ормон болуп турганда, Үмөталыны кудалап, колуктуңду көрүп кел деп жиберет. Ал: - Жакты, алса болот, - деп коюп эле, колуктусун алып келген күнү өлтүрүп коёт. Ошентип отуруп, жетинчиси менен гана жашап калган дейт.

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү тапшырмаларды окуп аткаргыла.

1. А. Б. Шапиронун, А. Х. Востоковдун, М. В. Ломоносовдун, Ф. И. Буслаевдин, Я. К. Гроттун, А. М. Пешковскийдин, Л. В. Щербанын, А. В. Текучевдердин тыныш белгилерин коюудагы пикирлерин айтып бергиле.
2. А. Турсуновдун, Н. Бейшекеевдин, Б. Өмүралиевдин ж. б. кыргыз окумуштууларынын тыныш белгилерин коюудагы принциптери жөнүндөгү пикирлерин айтып бергиле.

• ***Көнүгүү*** Текстти көрктүү окуп чыккыла. Кайсыл принциптин негизинде коюлганын айтып бергиле.

Жарыкчылыкта санжыралар болбосо, өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай көңүлсүз эскерме калаарын көз алдыга элестетип көрүңүзчү... Санжыраларда философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра – бул элдин улуттук эн тамгасы жана анын таануу белгиси. *(Ч. Айтматов)*

Учу-кыйры жок жол... Ал кыргыз санжырасы! Бул жолго чыгуу үчүн нечен айлар, нечен жылдар даярдандым. Күн артынан күндөр, жыл артынан жылдар өтүп жатты. Мен чубаган кыргыз санжырасынын жиби түгөнгөн жок. Улам тереңдеген сайын түйүндөрү көбөйүп, чатышкан жерлери күчөдү. Жолдор тармакталып, баш каңгыган абалга жетти. Бир эле жолдун тууралыгына ондогон күбө өтсө, миңдегени жалганга чыгарды. Бирин-бирине салыштырып, аз-көптүгүнө карабай туура го дегенин илгеп алып жүрүп отурдум. Алгачкы учурда кыргыз санжырасындагы жомок, тамсилдер, уламыш, мифтер, баатырдык баяндар, чечендик айтыштар кызыктырса, бара-бара анын урук, уруу бөлүнштөрү, элдин жаралышы, түзүлүш процесси оп тарта баштады. *(Кыргыз Санжырасы)*

• ***Көнүгүү*** Калтырылып кеткен тыныш белгилерин коюп көчүрүп жазгыла.

Ар бир адамдын өз Мекени бар Мекен деген сөз кыргыз элинде ата бабалардын жери алардын туулуп өскөн балдары бизге калтырган жери дегенди билдирет... Мен жер жөнүндө ойлонгондо сөзсүз өз айылым Шекерди элестетем Анткени менин башатым ушу Шекер айылы Ушул жерде аталарым жана бабаларым жашаган. Ушул жерде мен төрөлүп ушул жерде өнүгүп өскөм чоңойгом Биз туулуп өскөн жер ар бирибизди адам катары калыптандырат чоңойтот билим тарбия берет... *(Ч. Айтматов)*

## СҮЙЛӨМ АЯГЫНДА КОЮЛУУЧУ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

• ***Көнүгүү*** Сүйлөм аягына коюлуучу тыныш белгилери жөнүндө айтып бергиле.

• ***Көнүгүү*** Сүйлөмдөрдөгү чекит, суроо, илеп белгилеринин коюлуш учурларын түшүндүрүп айтып бергиле.

Анан болгон окуянын жөн-жайын уккан соң кечиришти. *(Ч. А.)*

Эң оболу жолдогу бир дүкөндөн Аселге кийим-кечек сатып алдык. *(Ч. А.)* Көп айлар шаарда телпилдеп жүрө берип, анан бир күнү табигатка чыга калсаң кандай! *(К. А.)* – Оо, аллейку ассалам, аталар! - Балдардын берген саламын ушинтип алик алган чал алар менен кол алыша жеке-жекеден учурашып, канча балык кармадың дегенчелик ишарада асынган калталарын карап коюуну да унутпады. *(Н. С.)* – Жаткыла! Кайда барасыңар, келесоолор!? *(О. О.)* – Деги эмне деп дөөрүп турасың, макоо! – деди Осмонкул, күйбөгөн жери күл боло. *(О. О.)* –Ким шпион? Менби? – Сен – шпион. *(Ч. А.)* - сен кайдан пайда болдуң, ыя? – Канчадан бери бул жерде отурасың. *(С. Ш.)*

• ***Көнүгүү*** Чекитти туура коюп, сүйлөмдөргө ажыратып жазгыла.

Тооктун жумурткасы өтө назик келет кичине чегип койсо эле сынып калат бирок жумуртканы эки колдун алаканына сыгып көргүлөчү, ал оңою менен сынбайт силер жумуртканын формасын байкап көргүлөчү алар бири-бирине туташкан эки түркүк болуп түзүлгөн жумуртканы эки колдоп кыссаңар силердин күчүңөр анын бардык жерине тарайт ошентип жумуртка сынбайт тоок жумуртка баскан кезде да анын сынбагандыгы да ушуга байланыштуу адамдар бекем көпүрөлөрдү, шахталарды салганда жарым ай сыяктуу форманы колдонот бул форма бекем болуш үчүн керек

Статистика кызматындагылар үй жумушундагы аялдын бир жылдын ичинде канча жумуш аткара тургандыгын бир нече жолу эсептеп көрүшкөн эки баласы, күйөөсү бар аялдын

бир жылдын ичинде 18 миң бычак жана табак жууйт экен ал бул идиштерди жууп гана тим болбостон, шкафтарга иреттештирип салып, кайра андан дастарконго коюп, кайра жыйнайт ошентип аял бир жылда 6 тоннага барабар жүктү ары бери ташыйт ал эми аял бир күндүн ичинде канча жолу баса тургандыгын эсептегенде, эгер ал эки бөлмөлүү үйдө турса, бир күндө 10 миң жолу, 17 миң жолу арыштайт экен эгер буга аялдар базарга, дүкөнгө барганын кошсо, ал бир жылдын ичинде 2 миң километр жерди басат *(Кызыктар дүйнөсү)*

• ***Көнүгүү*** Сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Пунктуация, дарыгер, чейин, кызык, ал үчүн, кандай, эмне үчүн, алда неме, дап-дуп, атаганат, тажрыйба, ойлонуу, убакыт.

## ЧЕКИТ

• ***Көнүгүү*** Сүйлөм аягына коюлган чекиттин коюлуш учурларын окуп, түшүнүп бир нече мисалдарды жазгыла. Чекит белгисинин дагы кайсыл учурларда коюларын айтып бергиле.

1. Чекит грамматикалык жагынан толук уюшулган жөнөкөй жай сүйлөмдөрдүн аягына коюлат. Алар жалаң же жайылма сүйлөм түрүндө болушу мүмкүн.
2. Кандайдыр бир ойду жайынча баяндаган татаал сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
3. Кемтик сүйлөмдөрдөн кийин коюлат.
4. Буйруу, сунуш кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр күчтүү сезим менен эмес, айтылган ой жайынча гана кабарлоо маанисинде айтылган сүйлөмдөрдө коюлат.
5. Атама сүйлөмдөрдөн кийин коюлат.
6. Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
7. Жазылып жаткан кандайдыр бир ой толук аяктагандан кийин коюлат да, ал сүйлөмдү өзүнөн кийинки экинчи сүйлөмдөн бөлүп турат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү чекиттин коюлуш учурларын түшүн-дүрүп бергиле.

Ал тамагын жасап алды да, кол көтөрүүгө укуксуздардын тизмесин окуй баштады:

1. Шоорук Баатыр уулу;
2. Бердибай Тынымсейит уулу;
3. Барпы Молдо;
4. Кийизбай Кебекбай уулу... *(Т. С. )*

Төрагалыкка ушулар ылайык дешип, ар кимдер тарабынан көрсөтүлүп, тизмеге аттары түшкөн булар болушту:

1. Саадат Зарнек уулу;
2. Бүбүш Канимет келинин;
3. Сапарбай Саякбай уулу: *(Т. С. )*

Махмуд Кашгари түрк тилдериндеги сөздөрдүн сөздүгүн түзүүдө төмөнкүлөрдү эске алган:

1. Ар бир тыбышты физиологиялык жана акустикалык жактан сыпаттаган;
2. Араб алфавитиндеги тамгалар түрк сөздүгүн жазууда аздык кылгандыктан, жаңы тамгаларды колдонду. Натыйжада тыбыш менен тамганын айырмачылыгы такталды, башкача айтканда, арабча 18 тамга 25ке жетти.
3. Үнсүздөрдүн жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөрү, катталаң-жумшактыгы, үнсүздөрдүн катар келиши белгиленди. *(Жалпы тил илими)*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн ордун алмаштырып түзүп, чекит белгисин коюп жазгыла.

Төрт атты уурулар уурдап кетишти! Ошол кабарда, балким, чындыктын үлүшү болуп жүрбөсүн! Мындай фактылар, менимче керек! Канчалык үзүрүн көрөсүң, ошончолук мээнет кылсаң? Билүү деген сөздөн билим алынса керек... Ала Тоолору кыргыздын бийик жана катаал!

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү чекит белгисинин коюлуш учурларын түшүндүргүлө.

Аккан суу булактан башталат. Булактардан чыккан агын суулар бири-бирине кошулуп отуруп дарыяга айланат. Агын суулар көлгө, деңизге куят же талаага тарайт. Суу агып баратса да, токтоп калса да билинбей буугa айлана берет. Буу асманда булут, тоодо туман болуп көрүнөт. Булуттан суу кар, мөндүр, жамгыр түрүндө жерге түшөт. Алар сууга, андан бууга айланып, кайта асманга көтөрүлөт. Ушинтип суу айланып жүрө берет.

## СУРОО БЕЛГИСИ

• ***Көнүгүү*** Суроо белгисинин коюлуш учурларын окуп, мисалдарды жазгыла.

1. Суроо белгиси баяндоочтун аягына – бы суроо уландысынын жалганып айтылышы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
2. Тутумуна сурама атоочтун катышуусу менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
3. Суроо белгиси ээ сурама бөлүкчөсүнүн катышуусу менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
4. Бейм, беле, бекен жардамчы сөздөрү да баяндоочтун тутумунда айтылып, суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурат, мындай учурда алар суроолуу интонация менен айтылат.
5. Күмөндүү го бөлүкчөсүнүн жардамы менен уюшулган суроолоуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
6. Айрым учурда чыгар модалдык сөзү баяндоочтун тутумунда айтылып, суроолуу сүйлөм уюшулат, суроо интонациясы менен айтылат.
7. Суроо маанисин берүүчү сурама ат атооч же суроо уландысы бы катышкан сүйлөмдөрдө коюлат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү суроо белгилеринин коюлуш учурларын түшүндүрүп бергиле.

1. Эгер Каныбек досуңуз келсе, күйүткө кантип чыдаар экен? 2. – Айтчы, жарым жан адамды шылдыңдашка кайсы атаңар эрк берди силерге, ыя? *(Т. Касымбеков) 3. – Сиздин мында кимиңиз бар? – деп, Власова андан акырын сурады. (М. Г. ) 4. Павлуша, сен социалистсиңби? 5. – Ушундайбы, Павлуша? – деп сурады. (М. Г. ) 6. Элиңер эсен жатабы? Бугу атууга даярданып жатасыңарбы? Ии, балам эмне өнөрүң барбы?– деп коөт да баягы карыя. (Т. Касымбеков)*

7. – Ачык бекен айтканым? *(К. Симонов)*

8. – Жарыгым, кулак салып отурасыңбы?

9. – Кетүүгө руксат бекен? *(К. Симонов)*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү суроолуу сүйлөмдөрдү жай сүйлөмгө айландырып жазгыла. Жай сүйлөмдөрдү суроолуу сүйлөм түрүндө жазгыла.

*Үлгү:* Бир короого шифер таба албадык.

– Эмне бир короого шифер таба албадыңарбы? Ана, коңшу колхоз шифер менен эле жаап жатат. Бизге эле жок. Уяласың. Короонун үстүн топурак менен илгери жапкан. Артка кетмекпизби? Качанга чейин токойго кол сала беребиз? Ал ансыз да кыркылып бүтө турган болду.

Менин сөзүмө бригадир тырчый түштү. Ал бирөөнүн акыл үйрөтүп сүйлөгөнүн жактырбаган өкүм киши эле. Азыр менин чекчеңдеп турушум анын намысына тийди баштанат. Мадырабашты музоосунда сүзүп салайын дедиби, катуу тийди.

- Шифер болсо кармап жаткан менде жок. Жок үчүн ушинтип жатабыз. Мындан кийин ана-муна дегениңди койгун да айтканды аткар. Жөнө ишиңе.

Көптөн бери чыдап жүрөт элем, азыр анын сөзүнө териге түштүм. Жетекчи болгон киши эле каалаганын жасата береби? Алардын айтканы айткан, дегени дегенби? Биз эмне алардын кол жоолугубузбу же эгип койгон эгинибизби? Азыр аны менен ары же бери болуу керек. Анын үстүнө бир кездеги калың токойдон ушул эле аянт калбадыбы. *(К. Сапарбаев "Катуу багыт")*

• ***Көнүгүү*** Суроолуу сүйлөмдөрдү катыштырып бир нече диалогдорду түзгүлө.

• ***Көнүгүү*** Суроо иретинде айтылган сүйлөмдөрдү газета-журналдардан таап, көчүрүп жазгыла.

## ИЛЕП БЕЛГИСИ

• ***Көнүгүү*** Илеп белгисинин коюлуш учурларын окуп, түшүнүп мисалдарды жазгыла.

1. Сырдык сөз катышкан сүйлөмдөрдүн аягына илеп белгиси коюлат.
2. Күчтүү сезим менен айтылган буйруу маанисиндеги сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.
3. Саламдашууда, ага жооп берүүдө, коштошууда жана куттуктоодо айтылган сүйлөмдөрдө коюлат.
4. Уран-чакырыктардын аягында коюлат.
5. Сүйлөм башында келген каратма сөз күчтүү сезим менен айтылса илеп белгиси коюлат.
6. Татаал сүйлөмдөрдө күчтүү сезим менен айтылган учурда илеп белгиси татаал сүйлөмдүн аягында коюлат.

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү илеп белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

1. – Карышкыр! Баланы алып кетти, кокуй күн! Болгула, болгула тез айланайындар! – Тигине! Тигине, Кенжеш! 2. – Баракелде! - деп Гришан сөзүн бөлдү. – Биздин турмушубузга кийлигишер укукту сен кайдан алгансың. 3. – Ур! Тарт! Вагондон ыргыт! – деп күпүлдөп жүрдү Петруха. – Муунтуп сал попту! Төмөн ыргыт! – деп Махач арылдайт. 4. – Койгула! Антпегиле! Өлтүрбөгүлө! Кереги жок! – деп кумсарган Ленка калчылдайт. *(Ч. А. ) 5.* – Куралды кимге бердиң? Айт! Айт! Кечээги келген келин ким эле! – деп ызырынганыңда бечара жарың коркконунан тил сүйлөбөй калды… *(Т. Сыдыкбеков)*

• ***Көнүгүү*** Илеп белгисинин ордуна башка тыныш белгилерин коюп көргүлө. Илеп белгисинин ойду билдирүүдөгү маанисин аныктагыла.

- Биз ага киндигинен эки вершок жогору кылып ченеп беребиз! Жерди армиядан кайткандар менен кедейлер гана алышат деп айтылбады беле.

- Алда Юрас ай, өлтүрүлө элек аюунун терисин сатмакчы болосуң! Жок, мен андай камырдан жасалган эмесмин! Мени адаштыра албайсың!

Топтошуп турган дыйкандардын арасынан чуулдаган үндөр чыга түштү:

- Бул түрү суук кургак баканы ары жакка кууп жибергиле!

- Алкымына таш тыккыла!

- Туугандар, тынчтангыла!

Эми эмне кыларын билбей айласы кеткен Моника, уулун жетелеп алып чуркап келди, баласын жетелеген бойдон көпчүлүктү жарып өтүп элдин алдына алып чыгып барды да:

- Жалынып сурангын, ыйлагын, ырайымы келип малыбызды кайра таштап кетер. Барып колунан өпкүн, - деп, баласын полицейскийди карап түрткүлөй баштады.

- Тьфу! Эми ушунусу эле калды эле. *(П. Цвирка Берекелүү жер)*

• ***Көнүгүү*** Илеп белгисин катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

• ***Көнүгүү*** Илеп белгиси катышкан сүйлөмдөрдү газета-журналдардан, көркөм чыгармалардан таап жазгыл

## КӨП ЧЕКИТ

• ***Көнүгүү*** Көп чекиттин коюлуш учурларын түшүндүрүп бергиле.

Эмнеси болсо да болор иш болду. Тагдырлардын түйүнү эми чечилгис жагына айланды. Бул жөнүндө ошол айлуу түнү али

эч ким биле элек эле. Ошол тагдырлары байланышкандардын бири дагы – мунусу да, тигиниси да, үчүнчүсү да… Бирок тагдырлардын түйүнү бекем чиеленишип калган болчу…

Филофей толгоосу жанган генетикалык оркестрдин бир эле кылына тийип койду эле, канча нааразылык, канча кыжырдануу пайда болду!. .

Экөө тең шалдайып, үрпөйө тартышып, олтуруп калышты. Сыртта күүгүм кирип баратты, түбөлүк тартылып калууга татыган күздүн ажайып керемет күнү өз кезеги менен өтүп баратты…

Эмне менен келери белгисиз жаңы күндү утурлап өтүп баратты…

- Сабыр кыл, Жесси, эми мени угуп тур, - деп Борк аялын башынан сыламакчы болду.

Аялы башын тартып алды:

- Укпайм, эч кимди укпайм, мага эч нерсе айтпа, бай болгур! – анын алкымын жаш жууду.

- Анда кечирип кой. Жаныңда туруп турайын… кечирип кой…

Биз Ньюбериде кырк минуттан кийин, а мүмкүн андан да мурда болобуз деп ойлойбуз. Картадан болжогонума караганда сиздин үй «Конференс» деп аталган супермаркеттен жарым миль ары турат, ушундайбы?

- Ооба, туура, үч квартал ары.

- О кей! Демек биз жолго чыктык. Ошентип шылдыңдап күлбөңүз, мен штабдын начальниги, Филофей – космос маршалы, а сиз… *(Ч. А. )*

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү көп чекиттин коюлуш учурларын окуп чыгып мисалдарды жазгыла.

1. Көп чекит сүйлөмдүн кандайдыр бир себептер менен үзүлүп же токтолуп айтылган жерине коюлат.
2. Үзүлүп айтылуу менен көп чекит сүйлөм мүчөлөрүнүн арасында, сүйлөм аягында, кээде сөз ортосунда учурашы мүмкүн. Ушуга байланыштуу көп чекит сүйлөмдүн ичинде аягында да аралаш коюла берет.

3. Кээде сүйлөп жаткан кишиге кандайдыр бир сырткы көрүнүш, сырткы шарт тоскоолдук кылып, айтылып жаткан ой бөлүнөт.

4. Айрым учурларда сүйлөөчү айтып жаткан сөзүн өзү бөлөт.

5. Кубанганда, кайгырганда, шашканда, корккондо, өкүнгөндө, чарчаганда, бир жери ооруп алдастаганда, бир нерсеге толкундап аптыкканда ж. б. сүйлөөчү өзүнүн оюн айтып бере албай турган абалда болот, натыйжада айтыла турган ой үзүлүп-үзүлүп берилет.

6. Бир сөздүн ичине коюлган көп чекит сөздөгү тыбыштардын созулуп айтылгандыгын, же кекечтенгенде айрым тыбыштын, муундук бөлүнүп айтылгандыгын билдирет.

7. Сүйлөөчү өз оюн айтып келе жатып, бир аз ойлоно калат, ал жерде тыным болот. Жазууда көп чекит коюлат.

8. Кээ бир сүйлөмдөрдө айтылган ойдун андан ары да уландысы бардай сезилип турат. Андай сүйлөмдөрдүн аягына узагыраак тыным болот да, жазууда көп чекит коюлат.

9. Кээде башка бирөөнүн сөзү же цитата толук алынбай, керектигине жараша башынан, аягынан же ортосунан сөздөр, сөз тизмектери же сүйлөмдөр кыскартылып ташталып алынат, ал кыскартылган жерге көп чекит коюлат.

10. Аягына көп чекит коюла турган сүйлөмдөр мааниси жагынан суроолуу же ар түрдүү ички сезимди билдирип турушу да мүмкүн. Мындай учурда көп чекит менен бирге суроо же илеп белгиси кабаттала коюлат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү сүйлөмдөргө тыныш белгилерин туура коюп көчүрүп жазгыла.

1. – Тумалай бул жигитти ээрчитип алгын да Айтмакчы атың ким эле И Садык Садык Балбаковду Миңбай аксакалдын үйүнө ээрчитип баргын.

2. Кызык насаат экен Эй үкам сен каякта өскөнсүң

3. Кел отуруң деди Алима баш ийкеп Келдиңерби деди Садык Келдик

4. Дың - дың - дың Садык комузду жай күүлөдү
5. Каалаң жакшы экен Бирок *(Ш. А. )*
6. Алсыз Батиманын үнү араң кыңылдады.

С - суу *(Т. С. )*

7. Айыпкер о - о - ба - а *(Ш. Б. )*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү текстти көркөм окугула. Тыныш белгилери менен интонациянын маанисин түшүндүргүлө.

- Кандай сонун болуп калгансың!. . Сен эми таптакыр башкасың… деди кыз, аптыгып сүйлөп жатып. – Мен сени алыстан эле тааныдым. Сени менин жаныма келбейт го дедим эле.

Юрас аны башынан сылап эркелетти, андан кийин сыйпалап, баланын тушуна колун алып барды да анын кулагына:

- Ошентип жакын арада болот дегин? – деп шыбырап сурап калды.

Ушуну сураганда Моника аябай уялып кетти.

-Койчу, Юрас… бул жөнүндө айтпачы. Баарысы билишет, мага итче асылып үрүп жүрүшөт.

Моника ушуну айтканда, көргөн ызалыгынан деми кысыла түшкөндөй болду, көзү жашылданып кетти.

- Сен мындан кыйналып жүрөсүңбү?

-Байкуш жаным ай, мен эмнелерге гана чыдабадым!. . Бул жерде мен жөнүндө эмнелерди гана айтышпады, жаппаган жалааларды жабышып, мени кандай гана кордошподу… Ошол азаптан кутулуу үчүн суута түшүп өлгүм да келди… сууга кекиртегиме чыкканга чейин кирип да бардым…а суу болсо аябагандай муздак экен… мен жанымды кыя албадым… Мени таштап качып кетти го деп ойлодум эле… Баары тең эле сени эми такыр кайра келбейт деп айтып жатышты…

-Кой эми, айтпагын болду!

-Ошондо эмне кыларымды билбей башым айланып, акылыман адашып калдым… мылтыктын дарысын ичтим, муну ичишиме бүбү Ванагене себепчи болду. Баланын атасыз төрөлүшүн каалаганым жок, баш калкалап кирер жерим жок эле. Мына ошондуктан мен муну боюман түшүрөйүн деп беттеп

алганымда, бүбү мага мылтыктын дарысын ич деген. Мен катуу кыйналдым, жардам берер эч ким жок, бүткүл ичим аралашып кетти. Ошондо мунун да жаны кыйналды, бир ары оодарылат, бир бери оодарылат, туйлайт… Бирок чоң болуп калган эле, ошондуктан гана аман калды. Буга абдан ичим ачыды!. . Ошондон кийин көпкө чейин сулк эле жатып калды, мен абдан корктум. Кийинки жуманын ичинде бүт бойдон эле уктап жатты, мына эми бүгүн эле, сен келгенден кийин гана кайра кыймылдай баштады. Атасынын келгенин билген окшойт… Эми заар тилдерден, ушак сөздөрдөн коркпоймун, эми эч нерседен коркпойм, бул аман-эсен гана төрөлсө болду! *(П. Цвирка. Берекелүү жер)*

• ***Көнүгүү*** Көп чекитти катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

## СҮЙЛӨМ ИЧИНДЕ КОЮЛУУЧУ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

• ***Көнүгүү*** Төмөндө берилген тапшырмаларды аткаргыла.

1. Сүйлөм ичинде коюлуучу тыныш белгилерине мисалдарды жазгыла.
2. Келтирген мисалдардагы тыныш белгилеринин кызматынын маанисин түшүндүргүлө.
3. Сүйлөм ичинде коюлуучу тыныш белгилеринин маанисин түшүндүрүп бергиле.

• ***Көнүгүү*** Сүйлөм ичинде коюлуучу *(үтүр, үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча, каша, тырмакча)* тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүрүп бергиле.

1. «Бир жерди көгөртчү бала экен бечара. Бар болсун. Бактылуу болсун бечара» - деп алкады *(Т. К. )* 2. «Арам өлүп калыптыр да…» дешип күңкүлдөп калышты. 3. Бирок Шералы такыр сүйлөшпөй койду. «Нүзүп жок… мен эмне дейм…» деп, Шадыкандын ындынына да кирбей, үңкүйүп отуруп алды. 4. Эң жа-

даганда, үтүрөңдөп ачуусу келип, Мусулманкулду чакырды да: »Муногуну көзүмө көргөзбөй кетирчи!»- деп жиберди. 5. Ибрагим Хайал өзүнө-өзү суроо берип, жер тиктеп турган бойдон « Миң койлуунга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала жүгүрөт болуп . . . энеңди урайын, биздин жалгыз атты ууру алганын карабайсыңбы!?». 7. «Бир башка жерде өлтүрсөңөр, менин көзүм көрбөсүн…» деп суранды Шералы. *(Т. Касымбеков. Сынган кылыч)*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү текстти окуп, өзүңөрдүн жашооңордогу эсте калган окуя жөнүндө жазгыла. Андагы тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

Корчубек орок ор аласыңбы? - деди.

-Оромун, - дедим. Байсууда Акмолдо деген бай бар. Ал өзүнүн ордуна Акпайдагы колхоздун кайракысын оргонго киши издеп жүрөт деп уктум. Сүйлөштүм, 25 күн күн иштеп берсең, 150 сом акча берет. Макул болдум. Ошентип, Пушкин атындагы колхоздун Акпай участкасындагы кайракы буудайын чоң кишилер менен кошулуп ордум. Эртеден кечке эңкейип орок оруш өтө оор. Айрыкча кайракы эгиндин бою жапыз. Эртең менен жакшынакай уктап жатканда, жерге жарык кире электе ойгонушат. Менин атымдан айтышпай Акмолдо дешчү. Мени жарма, суу алып кел деп жумшай беришчү. Бир күнү Байдөөлөт деген киши, эмне дайым эле баланы жумшай бересиңер? Бул бала бизден калышпай орок оруп жүрөт. Жарма, суу керек болсо өзүңөр кезек менен барып алып келгиле,- деди. Байдөөлөттү жакшы көрүп калдым. Жатканда да жанына жатам. Байдөөлөт аке экөөбүз сүйлөшүп жатып, мен бат эле уктап калчумун. Мен ага баардык башыман өткөндү, ата-энеден жетим калганымды, машак терип, эгин жыйнаганымды айтып берчүмүн. Үйүңө кетээрде менин үйүмө келип, мени менен коштошуп кет.

Үй Акмолдонун үйүнө жакын.

-Кетээрде сөзсүз барам,- дедим. Үйгө кетээрге жакын калганда Байдөөлөт акенин үйүнө бардым. Өзү үйдө экен. Аялына,

өгүнкү мен айткан бала ушул. Азамат бала, убадасы менен келген тура. Нан, айран, каймак алып кел,- деп аялына карады. Тамактанып эшикке чыкканда Нурдөөлөт деген бир тууган агасы келип калды. Актив болуп турган, далдайган чоң кара киши экен. Баягы сага айткан, жогорку сакоодон келген бала ушул. Аялына, акесине эмне мени айта берген?- деп ойлонуп койдум. Орокчу бала, чоң кишилердей орот. Чарчабай бизден калышпай оруп жүрдү. Агасына мени мактап да койду. Нурдөөлөт мени карап туруп, жашынан эмгекке көнүптүр. Ыманы ысык экен. Бул бала кор болбойт,- деди. *(К. Акназаров. Өмүрдөгү ак жол)*.

## ҮТҮР БЕЛГИСИНИН КОЮЛУШУ

• ***Көнүгүү*** Үтүрдүн коюлуш учурларын окуп чыгып, мисалдарды жазгыла. Аларды айтып бергиле.

1. Үтүр белгиси сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн арасына коюлат.

2. Да байламтасы этиш сөздөн турган эки бир өңчөй баяндоочту байланыштырып, кайталанбай бир гана жолу айтылса жана байланыштырган сөздөрүнө күчөтүү маанисин берип турса, ал байламтадан кийин үтүр коюлат. Эскертүү: Эгерде да менен байланышкан бул сыяктуу эки бир өңчөй мүчө маани жагынан өз ара сиңишип, тыгыз байланышкан бирдиктүү бир түшүнүктү билдирсе, анда да дан кийин үтүр коюлбайт.

3. Сүйлөм ичинде бир нече ирет кайталанган да байламтасынан кийин жана байламтасы келсе, да мааниси боюнча мурунку сөзгө жана өзүнөн кийинки сөзгө тиешелүү болуп калат. Мындай учурда экөөнүн ортосуна үтүр коюлат.

4. Үтүр татаал сүйлөмдөрдө коюлат.

А) тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө үтүр коюлат;

Б) байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө үтүр коюлат;

В) байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө үтүр коюлат;

Г) багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө үтүр коюлат;

5. Үтүр обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдө коюлат;
6. Үтүр чакчыл түрмөктөрдө коюлат;
7. Үтүр каратма сөздөрдө коюлат;
8. Үтүр киринди сөздөрдө коюлат;
9. Үтүр сырдык сөздөрдө коюлат;
10 Үтүр белгиси модалдык сөздөрдө коюлат;
11. Үтүр бөлүкчөлөрдө коюлат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү сүйлөмдөрдөгү үтүрдүн коюлуш учурларын түшүндүрүп бергиле.

- Кой эми, Алтынай, жол тарталы, - деди бир убакта. Ырдай бер, Жамийла, кулак сенде. Жүр, бөбөгүм, үйгө кирип сүйлөшөлү. – Ээ, жарыктык жер, айта берсе экөөбүздүкү түгөнөбү. Шашпа, Сарала, куйругуңду кыркып чолтойтпосом. *(Ч. А. ) – Сен адам эмессиң!-деди Байтерек, камчысын Айтыга кесеп. (А. Т. ) – Сен узак жолго чыгып жатканда, сага күнөө гана коймок турсун, кымындай таарыныч кылбаймын, мырза – деп, сөз баштады ал. «Мейли, ошондой эле болсун! Менден! Сен эмне үчүн тынч өлбөйсүң! Заман сеники эмес. Меники! Эмнең бар?»-деп жооп берет Абай. (М. А. ) – Чоочуп турам, Роберт. – Роберт, карасаң, жасап жаткандарын, - сенин портретиңди өрттөп жатышат! Микрафонго колу жеткен ар бир журналист аты-жөнүн, газетасын, маалымат агенствосун айтар замат, дароо космостогу монахты жоопко тартууну талап кылып жатышты. (Ч. А. )*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү сүйлөмдөргө үтүр белгисин коюп жазгыла.

«Китептер мейкиндикти толтурган дарыя сымал» деген учкул сөздү айтып жатканда орто кылымга таандык китепканалардагы эски пергаменттерди оор фолианттарды барактап жаткан окумал адамдардын элеси көз алдыма тартылат.

Китептер алгач папирустан териден жасалган. Мындай китептер биздин заманга чейинки I кылымда колдонулган. 105-жылы кытайлык Цейлун кагазды алуунун жолун ойлоп таап 1446-жылы Иоганн Гуттенберг китеп басып чыгаруучу станокту ойлоп тапкандан кийин гана кадимки биз билген китептер жарык көрө баштаган. Ошентип китептин пайда болушу жана өнүгүшү канчалаган даңгыр жолду басып өткөн. Китептин жолу XX кылымда шыдыр болгонсуду эле бирок акыркы мезгилде жеке эле Кыргызстанда эмес дүйнө жүзүндө да абалы оорлоп бараткансыйт. Буга ким күнөөлүү? *(Шоокум)*

• ***Көнүгүү*** Үтүрдүн сырдык сөздөрдө коюлушун эстегиле. Сүйлөмдөрдөгү сырдык сөздөрдүн ордун алмаштырып жазгыла.

1. - Саламатсызбы, Нураим эже.

- Ой, бо-ой, Болотчик, заңкайган жигит болгон турбайсыңбы.

- Ой, жолдош редактор, ушунун баарын кайдан таптың? – деди жездем

көзүнүн бырыштуу кабын балбыратып.

2. - Окуганы атайы кызматтан ала келдим. Бүрсүгүнү кайра алпарам.

- О-о, Искендер, мунуң биздин артисттердин жоругуна окшоп кетти го-ыя - жездем карсылдап каткырды.

- Албетте, тарбиячыларым артисттер эмеспи.

- Туура! Туура! Ха-ха-ха!

3. – Башынан сырдана эки үй-бүлө жай кожурашып, даамдашып ыракаттанып олтурганыңыздар ыраспы – Нураим эже--жездеме, эне-атасына көзүн бакырайтты.

-Ырас, айланайын, ырас.

- Ооба десең.

-Жалаң өзүбүз болгондуктан, узун сөздөрдүн деле анчалык кажаты жоктой. Карыялар, сиздердин саламаттыгыңыздар үчүн!. .

- Ыракмат.

Шаңгыр кагышылып, рюмкалар бошоду.

Бали, Нураим! Бул кыска сөзүң менен атаңдан, жалпы эле ушул жердегилерден жогору тепкичте турганыңды байкаттың. Тек, ал тепкич мен үчүн чек эмес.

4. - Я кокуй, кетесиңби? Жибербейбиз. Ысык тамак али быша элек.

5. Ах-а, канчалык билгизбөөгө аракеттенгениң менен күнүлүгүң байкалды.

6. Абдракман кызынын маңдайынан сылай, мулуң этти:

- О, кагылайын колуңдан. Улай кой, ула.

- Талип, алчы комузду. Булар бүткөнчө эрмек курчу кагылайын, бул Поронзолук мейман балама. *(Ш. Бейшеналиев. Урпактар үнү)*

• ***Көнүгүү*** Каратма жана материнди сөздөрдүн жазылышында үтүр белгисинин коюлушу жөнүндө айтып бергиле. Каратма жана киринди сөздөрдүн сүйлөмдүн ар кайсы жерлеринен орун алган учурларына мисалдарды газета-журналдардан, көркөм чыгармалардан таап жазгыла.

## ҮТҮРЛҮҮ ЧЕКИТ

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү аныктаманы окуп, мисалдарды жазгыла.

Жалпы бир көрүнүштү чечмелеп баяндаган же бирөөнүн бир нече иш аракеттери жөнүндө кабар берген тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан бири-бири менен анчалык тыгыз байланышта болбосо, белгилүү өлчөмдө өзүнчө турган айрым түшүнүктөрдү билдирип турса, алардын араларына үтүрлүү чекит коюлат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү үтүрлүү чекиттин коюлуш учурларын түшүндүргүлө.

Сүйлөө органдары төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:

1) дем алуу органдары *(көкүрөк клеткасы, өпкө,кекиртек);*
2) көмөкөй *(мында үн түйүндөрү жайгашкан)*;
3) ооз жана мурун көңдөйлөрү;
4) тил жана эриндер;
5) борбордук нерв системасы.

*(Кеп маданияты Т. Аширбаев 29-б. )*

Чакыруунун реквизиттери төмөнкүдөй чечмеленет:

1. Иш кагазынын аталышы *(Чакыруу)*;
2. Чакырылуучунун аты-жөнү;
3. Текст:

А) жыйын, конференциянын кимге, эмнеге арналышы, илимдин кайсы тармагы боюнча боло тургандыгы көрсөтүлөт;

Б) жыйындын, конференциянын аталышы;

В) жыйынды, конференцияны өткөрүүчү мекеме, уюмдун аттары;

4. Жыйындын, конференциянын өткөрүлүүчү убагы, датасы;

5. Өтүүчү жайы;

6. Өткөрүүчү мекеменин, уюмдун аталышы. (Т. Аширбаев)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү үтүрлүү чекиттин коюлушун түшүндүрүп көчүрүп жазгыла.

Өзүнүн жалгыз эчкисин батыра албаган алакандай жеринде эптеп-септеп оокат кылган аз жерлүү жана жерсиз дыйкандар жер алууга жулунуп калышты; алар эми помеүиктин далайлар кийинип жана ичине ала турган кеңири жерине көз чаптырып карашат.

Андан аркысын Юрас өз күчү менен тартипке келтирет: жакын жердеги саздын камышынан алып келип чатырын жабат; чымдарды казып келип дубалынын боорундагы жылчык-тешиктерди бүтөйт; чалкан өсүп чыккан жер таманын тегиздеп, анан таптап салат; мешин эптеп-септеп өзү салып алат.

Күн түшкө жакындаган ченде эгин баскан машинанын кү-

рүлдөгөн үнүнө койлордун тынымсыз маараганы кошулду. Койлорду кыркыш үчүн көлмөнүн жанындагы кашаага айдап келип камашкан; камалган койлордун кайсы бирлери кашаанын бооруна ыгып калышкан; кайсы бирлери кашаанын ичин айланып качып чуркап жүрүшөт, ал эми кармалгандары болсо, дирилдеп жуушаңдын астында жатышат. *(П. Цвирка. Берекелүү жер)*

• ***Көнүгүү*** Үтүрлүү чекитти катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

• ***Көнүгүү*** Үтүрлүү чекит катышкан сүйлөмдөрдү газета-журналдардан таап жазгыла. Маанисин түшүндүрүп бергиле.

## КОШ ЧЕКИТ

• ***Көнүгүү*** Кош чекиттин коюлуш учурларын окуп, ар бирине мисалдарды таап жазгыла.

1. Кош чекит жалпылагыч сөздөн кийин коюлат.
2. Жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн мурун келсе, оозеки сөздө жалпылагыч сөздөн кийин эскертүү маанисиндеги тыным болот да, андан кийин бир өңчөй мүчөлөр саналып айтылат. Жазууда жалпылагыч сөздөн кийин кош чекит коюлат.
3. Жалпыланган маанидеги сүйлөмдүн мазмунун цифра же тамгалар менен номерленип, саналып айтылган бир нече сүйлөмдөр же сөз тизмектери чечмелеп турса, жалпы маанидеги биринчи сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат.
4. Кээ бир байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биринчиси жалпыланган түшүнүктү билдирет да, экинчиси анын маанисин толуктап, тактап, чечмелеп, конкреттештирип турат. Жазууда биринчи сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат.
5. Кош чекит тике сөздүн алдында келген төл сөздөн кийин коюлат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Кош чекиттин коюлуш учурларын түшүндүрүп бергиле.

«Көз» деген сөздүн мааниси мындан алда канча кеңири:

1. Адамдардын, жан-жаныбарлардын көрүү органы.
2. Бир нерсенин көзөнөгү, ачык жери.
3. Куржундун бир жак бөлүгү.
4. Шакектин же башка буюмдун асыл таш, мончок жана башкалар орнотулган жери.
5. Күндүн, айдын бети. *(Азыркы кыргыз тили. Э. Абдулдаев)*

Ошентип алып баруучу микрафонго кезек берүүнү жөнгө салуу менен гана алек болуп калды:

- Биринчи микрафон! Сөз экинчиде! Мархамат! Үчүнчү микрафон! Бешинчи, жетинчи, онунчу… *(Ч. Айтматов)*

Кайдан экени белгисиз чекелери боөлгон аялдар пайда болду. Алар »Трибундун» жаңы номерин булгалашып, кыйкырып киришти:

«Борк шүмшүк! Борктун чекесине Кассандранын тамгасын басуу керек! Кассандранын тамгасы үчүн аны жанчуу керек! Борк – шүмшүк!». Башка топ: » Ордоктуку – ак сөз! Ордоктуку – ак сөз!» деп бакырды.

Эринин пиджак кийип жатканын көрүп калып, Жесси чочуп кетти:

- Кайда барасың? Тышка чыкпа!

Борк Жессини ары түрттү. Ушул секундадан баштап анын дароо караңгылай түшкөн каректеринде дүйнө анын мурдагы кабылдоосунун чегинен кандайдыр башка жакка жылышып кетти. Экөөнүн көздөрү бири-бирине урунду: жандары кейип турду. Бирок кайдагы бир алыс жакта жүргөн сыяктанып:

- Мени кармаба. Мен тагдырыма жазылганды көрүшүм керек,- деди. Жессинин аргасы түгөнүп, өңү бузула түштү:

- Сен өлүмгө баратасың!

- Арга канча,- Борк күңк этти,- бары бир барышым керек. (Ч. Айтматов)

• ***Көнүгүү*** Кош чекитти туура коюп көчүрүп жазгыла.

- Акелер, бир ачууңарды мага бергиле. Бул адам туура эмес сүйлөп койду. Мунун ордуна мен кечирим сурайын. Болбогон жерден, чатак чоң чырга айланып кетпесин. Коө бергиле, биз жолдон калбай кетели – дедим.

Бир чабан аксакал.

- Жаш болсо да жүйөлүү сөз айтып жатат, өзү да армиядан жаңы келаткан көрүнөт. Сейит, коө бер алдагыны. Жиндиге адам теңелбейт. Өзү деги жинди неме көрүнөт.

Сейит кара көк болуп.

- Солдат, сен болбосоң, бул жиндини жайлап, жанагы милиция тууганына, жиндиңди жайлап салдым деп, өзүм барат болчумун.

Эртеси таңга маал чыгып, аябай кыйналып үйгө келдим. 18 күн кабарсыз кеткениме Сулу уаябай коркуп жүрүптүр. Ал айтат. «силер кеткенден кийин 10 күн өткөндөн кийин күнүгө эртең менен райкомдун 1- секретары Токбаев, Корчубек келдиби? – деп сурайт. Ал киши менден да жаман коркуп жүрдү». *(К. Акназаров. Өмүрдөгү ак жол)*

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү кош чекиттин ордуна башка тыныш белгилерин коюп окуп көргүлө.

Мына ушул себептен булардын үйлөнүү тоюн кыздын үйүндө өткөрмөк болушту, ал эми кыз болсо той үчүн колунан келгенин аянган жок: өздөрүнүн чачыла нанын бышырды. Үйлөнгөн жаштар болушка барып кайра келгенде аларды эски жоосун боюнча тосушту: кыздар менен уландар алардын келер жолун шыпырып тазалашты, дарбазаны кызыл-тазыл кыйыктар менен кооздошту. Эшиктин алдынан бул жаштарды нан жана стакан квас менен тосуп чыгышты. Тойго келгендердин баарысын жакшы тамак менен – үи жана бышырылган чочко эти менен сыйлады. Андан кийин бул үйлөнгөн жаштарга куда башчысы жана жек жааттары коңшулардан жыйналгандардын баарын тапшырышты. Юрас таң-тамаша кылууну каалаган эмес эле, бирок аны жолдоштору:

- Биз эмне, той-тамаша кыла албас болуптурбузбу. Сен эч нерседен кам санабай эле кой, ичкиликти да, закусканы да биз өзүбүз эле алып келебиз, - деп макулдатышкан. *(П. Цвирка. Берекелүү жер)*

• ***Көнүгүү*** Кош чекиттин коюлуш учурларына мисалдарды газета-журналдардан таап көчүрүп жазгыл

## КАШАА

• ***Көнүгүү*** Кашаа белгисинин коюлуш эрежесин окуп чыгып, дагы кандай учурларда коюларын эстеп жазгыла.

1. Сүйлөмдү жазып жаткан учурда андагы айтылган ойду толуктоо, тактоо, ал ой жөнүндө бир нерсени эскерте кетүү зарылчылыгынан улам, сүйлөм ичинде айрым сөз же сөз айкашы, бүтүн бир сүйлөм кошулуп айтылат. Андай кыстырынды сөз же сөз айкашы же сүйлөм көбүнчө сүйлөм ортосунда, этегинде келет да кашаага алынып жазылат. Оозеки сөздө негизги сүйлөмгө караганда басыңкы үн менен айтылып, андан кыска тынным аркылуу бөлүнүп айтылат.
2. Мааниси көпчүлүккө кеңири түшүнүктүү болбогон сөзгө түшүндүрмө берет, бир тилдеги сөздү экинчи тилге которуп түшүндүрөт, же терминдин, сөздүн маанисин экинчи бир сөз менен ачып көрсөтөт. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү кашаа белгисинин кандай кызмат аткаргандыгын аныктагыла.

Мистер Борк, кептин баары ал плакатта: » Адам жарык дүйнөгө курал жасап чыгаруу үчүн туулган эмес!» деп жазганында. Анан өзүнөн-өзү түшүнүктүү, мындай жазуу Россияда «оборонүиктер» деп аталгандардын, мамлекет жана коом, башкача айтканда, тагдыр тарабынан адашкандарды кырып-жоюучу курал-жарактарды, нокоттой октон баштап («оборонщиктер»

дүйнө жүзүндөгү ар бир адамды жүздөн ок менен камсыз кылууну гарантиялайт), үндөн ылдам самолетторго, күн-түн дебей океан тереңинде бугуп, буйрук берилери менен континенттер аралык ракеталарды аттырууга даяр турган атомдук суу алдындагы кайыктарды чыгаруучу өнөр жайында ишке чегилгендердин кара жинин кайнатты.

Бирок, экинчи жагынан алганда, алиги «өзүнө окшогондор» да периштелер эмес, алар да аябай куралданган жана алар да өздөрүнүн өтө кымбат идеяларынын (азыр эң таасирдүү ураандар-улутчулдук ураандар) урматына, адилеттиктин урматына жана, андан мааниси кем эмес өз экономикалык кызыкчылыктарынын урматына кырып-жоюуну эңсейт. *(Ч. А. )*

Тыныш белгилери түзүлүшү боюнча бир элементтүү тыныш белгилери жана көп элементтүү тыныш белгилери деп топтоштурулат. Бир элементтүү тыныш белгилери – үтүр, сызыкча жана чекит. Көп элементтүү тыныш белгилери - кош чекит, үтүрлүү чекит, каша, суроо жана илеп белгилери (булар эки элементтен турат), көп чекит (үч элементтүү), тырмакча (төрт элементтүү). (Т. Аширбаев)

• ***Көнүгүү*** Кашаа белгисин катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү кашаа белгисинин коюлушуна көңүл бургула.

**Турдукан**

Жакып *(дуэт)* Айланайын молдоке,
Жалгыз тай тартуу кылалы!
Каргадай болгон баланын,
Күнөөсүн кеч тыналы!

Майрык жибийт, куранын ачып, бир оң ийнине, бир сол ийнине башын буруп кеңешет).

Майрык Айткылачы, периште,
Не ылаажы бул ишке! *(эки ирет)*
Шордуу эне, атасы,

Дароо тилге киришсе…
Кечсе болот, кечсе болот,
Кудай жолун билишсе.
Оомиин, оомиин!

Жакып. Макулмун, макулмун.

Турдукан. Ыгын таптың акылдуум!

Майрык *(чөгөлөп, куранын жайып күч менен)*
Дин мусулман баласы,
Жасабаган бул жышаан.
Тажаал чыккан бул чечек,
Жайран болмок ушу саам!
Жакыр Кычан!
Капыр Кычан! *(эки ирет)*

Жакып, Турдукан. *(чочулашып)*
Кычан, Кычан,
Кагылайын Кычан!

Майрык *(шаңдуу)*
Тай тартуулап жалынды,
Жин-шайтандар адашат!

Жакып
Турдукан. *(дуэт)*
Айла канча, молдоке,
Каргышыңдан кайра тарт!

Кычан *(эшикти шарт ачып)*
Куркулдаган куу молдо,
Түшкүнүң жолго!
Мугалим, доктор келатат,
Бөөдө шылдың болбо!

Майрык Парпардигер, оңбо, оңбо!
Жакып! Бу не деген кордоо!

Жакып *(уулун жакадан тартып жаакка чабат)*
О, курган балам,
Чымындай жанга жолтоо болбо!

*(Ш. Бейшеналиев)*

- ***Көнүгүү*** Кашаа белгиси катышкан сүйлөмдөрдү газета-

-журналдардан, көркөм чыгармалардан таап жазып, алардын маанисин түшүндүрүп бергиле.

## СЫЗЫКЧА

• ***Көнүгүү*** Сызыкчанын коюлуш эрежелерин түшүнүп окуп чыгып, мисалдарды түзгүлө.

Сызыкчанын милдети сүйлөмдүн ички бөлүнүшүн көрсөтүү жана сүйлөмдүн бөлүгүн алдыңкы бөлүгүнөн бир аз арылтып туру болуп эсептелет.

1. Жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келгенде, оозеки сөздө алар кыска тыным аркылуу бири-биринен ажыратылып айтылат. Жазууда бир өңчөй мүчөлөр менен жалпылагыч мүчөнүн ортосундагы чекти ажыратуу үчүн жалпылагыч мүнөздөн мурун сызыкча коюлат.
2. Сызыкча ээ менен баяндоочтун ортосунда коюлат.
3. Сызыкча обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдө коюлат.
4. Сызыкча баяндоочу кыскартылган сүйлөмдөрдө коюлат.
5. Сызыкча суроо-жооп иретинде айтылган сүйлөмдөрдө коюлуп, ар бир сүйлөм жаңы жолдон башталып, сүйлөмдүн башына сызыкча коюлат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Сызыкчаны туура коюп көчүргүлө.

1. «Менин жакшы адам экенимди кайдан билдиңиз?» деп сурайт. Карыя: «Көзүңдөн байкап турам» деп жооп берет. 2. «Тур мындай!» дейт Нурдин. »Жок, эч кайда жибербеймин!» дейт Масадык. *(А. Т. ) 3. Кызык насаат экен. Эй, үкам, сен каякта өскөнсүң? Арстанбапка жакын жерде. Ээ ошондой. 4. Кел, отуруң деди Алима баш ийкеп. Келдиңерби?- деди Садык. (Ш. А. )*

• ***Көнүгүү*** Сүйлөм ичиндеги сызыкчанын милдетин түшүндүргүлө.

Жесси газеталар менен бирге сыртта дубалдан сыйрып алып, үйгө ала келгендеринин баарын – боөк менен шашылыш жаза салынган уят-сыйытсыз, одоно, кордогон жазууларды – стол үстүнө таштады. Аларды карап көрүп, Борк өзү да шалдая түштү. «Борктун биздин көчөдө жашашынан уялабыз!» - кошуналарынын бири жазса керек. Анан: «Аялдарды жек көргөн, курсактагыларды куураткан Борк, биздин Ньюбериден чыгып кет! », «Ньюберинин феминист аялдары Борктү жек көрөт! »Башкалары мындан жаман: «Борк – шүмшүк!», « Борк – КГБнын агенти!», «Борктү атып таштоо керек!», »Мага кабылчу болсоң, карыя, муунтуп өлтүрөм! – кассандранын эмбриону».

- Демек таң атпай баштайлы дешкен экен! – деп кобурады, абдырап калган Борк.

- Таң атпай! Көрүп турбайсыңбы, таң атпай!

- Баарына даяр турушубуз керек, - деди ал аялына, кыйкырып жибербөөгө аракеттенип.

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү текстти көркөм окугула. Мындагы тыныш белгилеринин интонация менен болгон байланышын түшүндүргүлө.

Бригадир мени адегенде таң кала, анан акырая карады. Бир аздан кийин андан айбыкбасымды түшүндү. Ошентсе да мага дагы бир жолу басым жасап көрмөкчү болду.

- Жасайсыңар!

- Жок жасабайбыз. Эгер ушинте бере турган болсоңуз барчу жерге барамын.

Ушинтип экөөбүз кагышып, ишти чечпей тарап кеттик. Балдарга айтсам алар «туура кылыпсың, биз болгондо мындан да катуу айтмакпыз» деп күпүлдөштү. Эртеси Станаалы мени чакырып алып, жылмая карады. Ыраазы болгон түрү бар.

- Бригадирди капа кылыпсың го?

- Иштин жөнүн айттым. Иш боюнча капа болсо боло берсин.

Билип турам, Стааналынын ыраазы болгондугунун бир нече себеби бар эле…*(К. Сапарбаев)*

...Редакциядамын. Нураим башкарган бюродон бекитишип, акыл-насааттарын газетаны жандандыруу милдеттерин, акырында ишимдин ийгиликтерин каалашкандыктарын билдиришип... Закир Апасов редакцияга ээрчитип жөнөдү. Кызматкерлер редактордун кабинетинде жыйналып отурушуптур. Телефон чалынган окшойт. Биз киргенде жабалактап жардана калышкандарга Апасов:

- Олтуруңуздар, - деп дароо жанындагы мага колун жаңсады:

-Сиздерге жаңы редакторду апкелдик. Жолдош Искендер Бектуровду тааныйсыңарбы?

- Тааныйбыз. Чогуу иштешкенбиз! – дешип чуулдашты.

- Андай болсо, өз ордуна олтурууга уруксат этиңиздер.

-Отурсун, отурсун! *(Ш. Бейшеналиев)*

• ***Көнүгүү*** Пунктуация жазма речке, интонация оозеки речке кызмат кылат деген эреженин тууралыгын аныктагыла. Төмөндөгү учурлар кайсынысына тиешелүү.

А) белгилүү бир ойдун маани жактан аяктап бүткөндүгүн билдирет, башкача айтканда, сүйлөмдү уюштурат жана аны синтаксистик бирдиктерге ажыратат;

Б) речтин эмоциялык жагын көрсөтөт;

В) сүйлөмдүн кошумча маанисин *(модалдуулук)*, тактап айтканда, речтин чындыкка карата болгон мамилесин билдирет. (Т. Аширбаев)

## ТЫРМАКЧА

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү тырмакчанын коюлушу жөнүндөгү эрежелерди окуп чыгып, мисалдарды келтирип жазгыла.

1. Тике сөз жалпы тексттен бөлүнбөй, анын ичинде берилсе, тырмакчага алынып жазылат.
2. Айтылып жаткан ойго тактоо, толуктоо, бышыктоо

маанисин берүү максатында сүйлөм тизмегине киргизилген, макал-лакаптар тырмакчага алынат. Бирок анын алды-артына төл жана бөтөн сөзгө тиешелүү болгон тыныш белгилери *(кош чекит, үтүрлүү чекит, сызыкча)* коюлбайт.

3. Сүйлөм ичине башка бирөөнүн сөзүнөн бөлүп алып киргизилген айрым сөздөр, сөз айкаштары тырмакчага алынып, кичине тамга менен башталып жазылат, бирок алды-артынан төл сөзгө тиешелүү тыныш белгилери *(үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча)* коюлбайт

4. Чыгарманын ичинде келтирилген бирөөнүн каты тырмакчага алынат

5. Өзүнүн түз маанисинде эмес, каймана мааниде же какшык, мыскыл мааниде колдонулган сөздөр тырмакчага алынат.

6. Завод, фабрика, ишканалардын, китеп, газета, журналдардын, ыр, күүлөрдүн, орден, медалдардын ж. б. аттары тырмакчага алынат. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү текстке тырмакчаны туура коюп көчүрүп жазгыла.

Чыңгыз Айтматовдун Кассандра тамгасы романындагы көтөрүлгөн глобалдык проблемаларды жан дүйнөм менен кабылдап, ойдон-ойго чөмүлүп, жер менен Космостун чексиз мейкиндигинде жан-алакетке түшүп жатканда негедир элибиздин ой менен сөздүн эң бийик, ыйык синтезин көрсөткөн ташка тамга баскандай элестүү да, көркөмдүү да терең асыл касиет – кереметтерди камтыган өмүр менен өлүмгө, адам жана коомго байланыштуу нечендеген макал-лакаптарын айласыз эскерип жаттым: Жакшыдан жаман туулса чыгаша, баланын туулганына сүйүнбө, тураарына сүйүн. Баланын өзүн төрөйт, кыял-жоругун кошо төрөбөйт. Бири тентек чыкса, бири жөнтөк болот. Бала жакшысы – атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин баркы. ж. б.

Анан да кандайдыр бир катуу өкүм менен Туулбай тууруңдан калгыр деп коюшат. Эмне үчүн?! Кастыктанбы?! Көрө албастыктанбы?! Кара өзгөйлүктөнбү?! Өзүмчүлдүктөнбү?!

Чыңгыз Айтматов мурдагы чыгармаларында Ак кеме. Деңиз бойлй жорткон Ала – Дөбөт адам баласынын жаралышын байыркы ата-бабалардын тарыхына кайрылып, философиялык мааниси бар легендаларга, уламыштарга, мифтерге байланыштырып чечмелесе, Кассандра тамгасында Адам баласы кантип жаралып жатат деген суроого бүгүнкү илимий-техникалык революциянын ири жетишкендигинен жооп издейт. (А. Ахматалиев)

• ***Көнүгүү*** Төмөндөгү тырмакчанын коюлуш учурларын түшүндүргүлө.

Жесси кофе алып келди, сөз кайрадан мурдагы нукка түштү. Көрсө, Роберт Борктун эмгектерин сыйлоочулардын биримин деп өзүн тааныштырып, президенттикке кандидаттын командасынан Энтони Юнгер деген телефон чалыптыр. Боркко университетке чалууга аракеттенген экен, бирок таппай калыптыр жана түштөн кийин дагы чаларын айтып коюуну сураныптыр. Жесси, балким Борк чалар десе, Юнгер: »Мени табуу кыйын болот, таманым жерге тийбей чуркаар, чакчелекей түшкөн күн, Ордок шайлоочулар менен жолугушат, андан кийин чоң пресс-конференция, иши кылып түйшүк көп, бирок мистер Борк менен сөзсүз сүйлөшүшүм керек. Сүйлөшүүнү көптөн бери көксөп жүрөм, азыр себеп табылып турат. Суранам, айтып койсоңуз, менде маалымат жана суроолор бар. Телефон чалышым өтө зарыл» дептир.

-О, мунуңуз мыкты экен, - деди Роберт Борк таң калу менен, ичинен Энтони Юнгердин үнү ишенимдүү жана жагымдуу экенин байкап. »Абдан күжүрмөн адам экен! – деп ойлоп койду ал. – Жашы канчада болду экен?» - Горбачевдун тушунда мен дагы Россияда болгом, - деп орус темасын улап кетти ал. – Москва, Ленинград, Киев. Айтыңызчы, Энтони. Жашыңыз канчада?

- Менин оюм да ошол. Мен болсом сиз жөнүндө баарын билем. Сиздин китептериңизди окугам. Акыркы кезде сиздин «Эбегейсиз зор үйдүн тогуз эшиги» деген макалаңызды өтө кунт коюп окуп чыктым.

Балким ал үйүндө да ушинтип ажылдаган немедир, а балким анда үй да, эр да жок чыгар. «Бактысыз шордуу ай, - деп күбүрөдү Роберт Борк, - кандай гана каргашалуу жаңылыштык. Ал байкуш азап тартып жатат, аны түшүнсө болот». (Ч, Айтматов)

• ***Көнүгүү*** Өзүңөр окуган көркөм чыгармалардан тырмакчанын коюлуш учурларына мисалдарды таап жазгыла. Алардын маанисин айтып бергиле.

• ***Көнүгүү*** Тырмакчаны катыштырып мисалдарды түзгүлө.

• ***Көнүгүү*** Төл жана бөтөн сөздөрдө тырмакчанын, сызыкчанын коюлушун эстегиле. Аларга мисалдарды жазгыла.

## АЙРЫМ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНИН КАБАТТАЛА КОЮЛУШУ

• ***Көнүгүү*** Төмөнкү эрежелерди окуп чыгып айтып бергиле.

1. Тыныш белгилери колдонулуу усулу боюнча жеке абалда жана кошулган абалда колдонулган тыныш белгилери болуп бөлүнөт.

А) Жеке абалда кош чекит гана колдонулат.

Б) Жеке жана кошулган абалда колдонулган тыныш белгилери жазууда жупташып колдонулат. Алар ?!, ?. , !. . ж. б.

2. Сызыкча белгиси үтүр менен, суроо, илеп, көп чекит менен кабаттала келгенде, ошол тыныш белгилеринен кийин коюлат.

- Кыштакка мугалим болуп барам, - деди Зуура.

3. Суроо, илеп, көп чекит белгилери тырмакча менен кабаттала келгенде, ал белгилер тиешелүү сүйлөмдүн аягына коюлат да, андан кийин тырмакча жабылат.

« Атаң кайда, көрүнбөй калды го, балам?» -деп, жанында турган Алымкулга караса, алда жок.

4. Үтүр, чекит белгилери тырмакча менен кабатталганда, ал белгилер жабылган тырмакчадан кийин коюлат. Эгерде кабаттала келген тырмакча менен үтүрдөн кийин сызыкча да келсе, ал жабылган тырмакчадан кийин коюлган үтүрдөн соң коюлат.

«Ушул сомдолгон неме да жолтоо болду»,- деди Атай, кыжырланып.

5. Айрым сүйлөмдөрдө суроо интонациясы менен бирге ойго карата сүйлөөчүнүн ички сезими да берилет. Жазууда андай сүйлөмдүн аягына суроо жана илеп белгилери катар коюлат.

- Өлүмдөн эмне пайда?!

6. Сүйлөмдүн аягына суроо, илеп, же көп чекит коюлуп, андан кийин тырмакча жабылып, ошону менен сүйлөм биротоло аяктап бүтсө, ал жабылган тырмакчадан кийин эч кандай тыныш белгиси коюлбайт.

«Болгула, урушта туруш жок, эртерээк салкында жөнөй бергиле!»

«Мындан ары мындай жашоого болбойт…»

7. Суроо же илеп белгиси көп чекит менен кабатталып келсе, эң мурун сүйлөмдүн маанисине карай суроо же илеп белгиси коюлуп, андан кийин катар эки *(үч эмес)* чекит коюлат.

8. Кашаа ачылган жерге коюла турган үтүр кашаа жабылгандан кийин коюлат, натыйжада мындай учурда кашаа менен үтүр катар колдонулуп калат.

Кеп жатакчылардын аздыгында эмес *(түтүндүн саны жагынан алар байлардан алда канча көп)*, отуруктaшуунун маанисин билбегендикте. (Т. Ахматов)

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилеринин кабатталып коюлуш эрежелерине ылайык мисалдарды өзүңөр окуган чыгармалардан таап жазгыла. Алардын коюлуш учурларына көңүл бургула.

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилерин классификациялап, алардын колдонулуу орду, түзүлүшү боюнча бөлүштүргүлө.

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилеринин кабатталып коюлуш учурларына көңүл коюп көчүрүп жазгыла.

- Дарыдан бүткөн, бери кел! Кел бат, дарыдан бүткөн! От жагабыз! – деп кыйкырганын Моника өзү уккан.

- Кантеримди билбейм, сенин аялыңа менин көңүлүм абдан түшүп калды! Мен ага – «Бакчайган солдатыңды таштагын, ал жерин казып өз оокатын кылсын, ал эми мен болсом, өзүмдүн тиши жогумду айдап жиберейин. Ошентип экөөбүз шаарга кирип кетели! дедим» - деп чычалата турган.

- Көп сүйлөбөгүлөчү, - дейт бир аз кызара түшкөн, бирок өзүнө көңүлү толгон Моника.

-Бүткөн боюм дегеле жер тартып бара жатат. Жаан жааганы турганынанбы?. . мен эч убакта мынчалык алсыраган эмес элем! – деди Моника.

- Бир аз жаап жиберсе, баарыбызга пайдалуу болор, - деп жооп берди Юрас, батыш жакты карап.

Ал, тери аккан маңдайын жеңи менен аарчып, учтуу айрысы менен сайган чөбүн чөмөлөнүн үстүнө ыргытты.

- Жердин чаңкаганын кандырат, - деп Тарутис , көйнөгүнүн ичине кирген муздак жел көкүрөгүн сылап салкындатып кеткенде жанынын жыргай түшкөнүн сезип кубана түштү. (Петрас Цвирка)

• ***Көнүгүү*** Тыныш белгилеринин кабаттала коюлушуна мисалдарды таап көчүрүп жазгыла. Алардын маанилерин түшүндүрүп айтып бергиле.

## ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНИН КОЮЛУШУН ЭСКЕ ТҮШҮРҮҮ ҮЧҮН ДИКТАНТТАР

### Интонация жана тыныш белгилери.

• *Эскертмелүү диктант*

### Курманжан

Курманжан кыз Ош шаарынан анча алыс эмес Жапалак кыштагындагы Маматбай деген адамдын кызы болгон. Ал өз оокатына өзү тың адам эле. Атасы кызын бешиктеги кезинен бай жерге сөйкө сала кудалашып, калың үчүн мал-пулун аябай алган. Той өткөрүлүп, Курманжан кызды көчүрүп барышат. Кыз өз күйөөсүн көрөр замат көңүлүнө жакпай калат. Кыз эми кечки келиндик милдетин аткарууну ойлобой, кантип болсо да качып чыгуу жагын ойлой баштайт.

Кыз кечке жуук сыртка чыгып, мамыда аса байланып турган күйөөсүнүн күлүк атын минип качат. Мерчемдүү жолду улап артынан куугун түшөт. Кыз жел менен жарыша, тынымсыз качып кете берет. Бирок артынан куугун жакындайт. Аларды адаштырыш үчүн атынан түшүп, аны жол бойлото айдап жиберет да сай тарапка бой уруп, бадал-токойлорду аралап изин суутат. Анан аердеги боорукер адамдардын жардамы менен кыз үйүнө жетет.

Атасы мындай ойдо жок жорукту укканда, чалкасынан кете жаздайт. Ак баталашып баштаган өз тоюн, келечек кут үйүн, ак никелешип жаткан эрин таштап качуу деген сөз ал кездеги салт-санаа үчүн укмуштай жорук эмес беле?.. Бул жорук элибиздин үрп-адатына сыябы да, мусулман динибиздин талаптарына сыябы? Эми эл ичинде барк- баасы бар Маматбай тааныш-тамырларынын жүзүн кантип карайт? Кантип эми өз катарынын алдында сөз сүйлөй алат? Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болбодубу… Ал ачуусун тыя албай турган шарттарда уулу кирип: «Ата, ушундай болуп калыптыр. Ачууңузду жутуңуз. Кыздын да ачуусу бир аз таркасын, ойлонсун, анан кийин жыйынтыкка келер. Антпей кыстай берсеңиз, мүнөзү көк кы-

зыңыз жаштыктан улам жаман кадамдарга барып жүрбөсүн…» деп атасын жубатып токтотту.

Кыз үч жылга жакын мезгил бою атасынын төрүндө отуруп калат. Эми аны азырынча эч ким аялдыкка алмак эмес, анткени ал башка бирөөнүн никесинде деп эсептелинет, күйөөсү талагын бериши керек, ансыз башка адамга никеси жүрбөйт, экинчиден, тиги күйөөсү калыңына төлөгөн мал-пулун жаңы алар күйөөсү төлөп алууга тийиш. Бул шартка тобокелдик кыла койгон эч ким чыккан жок. (Ш. Абдыраманов)

## Жаныбек хан

Илгери, Кара хан, Азиз Жаныбекке тийиштик кылып: - Сенин тоодогу айгырларың кишенеп, менин ойдогу тулпар тууй турган кырк чаар бээм кулун салды. Ошонун тулпар кулундарын төлө, төлөбөсөң уруша турган жерге чык», - деп, элчи жиберди. Айласы кеткен Азиз Жаныбек, күндө жыйын - топ кылды. Кырк тулпар боло турган кулунду табуу мүмкүн эмес. Урушпайын десе – күчү аз. Айласы кетип турганда, 13-14 жаштагы бала, Кара ханга жоопту мен берем деп, элчиликке бармак болот.

Ал, элчиликке жөнөр алдында, хандан: бир төө, бир теке жана жаа сурап алат. Жолдон, Карахандын ыйык көргөн тайганын атып өлтүрөт. Кара хан, баланын элчиликке келгенине таң калып: - Чоң кишиңер жок беле? –дейт. Бала тура калып: - Чоң десеңиз – төө менен сүйлөшүңүз,- деди.

- Жаныңды жеген бала, сакалдуу кишиңер жок беле, деп жатам, - деди хан. – Сакалдуу десеңиз – теке менен сүйлөшүңүз, эгер, кеп-сөз билген киши болсо, мени менен сүйлөшүңүз,- деди. Хан, сөздүн маанисине, орундуу айтылганына жыгылып калды. – Болуптур анда, эмне үчүн, жөндөн-жөн эле менин тайганымды атып салдың?

-Жөн эмес ханым, Сиздин тайганыңыздын үнүнөн биздин айылдагы иттер күчүк таштап койду,- деди бала.

Ой, жаны жок бала! Коктудагы тайгандын үнүн, тоонун ичинде жаткан элдин ити кантип уксун?! - деди хан.

- Сөзүңүзгө кулдук, ханым, биздин тоодогу айгырыбыздын кишенегенин, сиздин ойдо жаткан бээлериңиз айдан угат?! Хан өз сөзүнөн чалынып, баланын сөзүнө жыгылып, уруш токтоп, эки эл тынчып калат.

Дал ошол жомокто, каардуу хан, сөздүн күчүнө таазим кылууга аргасыз болду. Мындагы диалогдо, баланын берген жообундагы логикалуулук, кылт этүүгө мүмкүнчүлүк бербеген чындык жана адам таң кала турган эстетикалык рахат бар. Чечендик искусствосу, оозеки сүйлөө речинде чыныгы мааниси менен көрүнөт. Мындагы эң башкы нерсе, чындык жана логикалык байланыштын тереңдигинде болгону менен сүйлөө манерасы, үндүн уккулуктуулугу, ымдоо, жамдоо – мимикасы жок болсо, адамга ойдогудай таасир эте албайт. Бул, кандайдыр, жакшы обондон ажыраган ырдай болуп турат. Орус элинин улуу жазуучусу, тарыхчысы - Н.М.Карамзин, оозеки айтылганга караганда китепке түшкөн нерсе – көп нерсесин жогото турганын байкаган. Китептеги нерсени кайра окуп алармын деп, көңүлкош мамиле кылат, ал эми, оозеки айтылган нерсени өз убагында кармап калбаса – эң сонун айтылган ойлор, чечендик сөздөр жоголуп кетиши мүмкүн. Ошондуктан, оозеки айтылган кызыктуу аңгемелер, жомоктор, уламыштар, ырлар укумдан-тукумга берилип, өлбөс өмүрүн улаган. Алар, ар бир акындын, чечендин, сүйлөөчүнүн аткаруусунда ар түрдүү угулган. Айрым адамдар, сөздүн, ырдын, жомоктун түпкү касиетин жоготсо, айрымдары – дагы көрктүү, дагы суктанарлык абалга жеткирген. Чечендик – адамдарда: сүйлөгөндө, ырдаганда адамдын жан сезимин козгоп, делебесин терметкен, магдыраткан күчтүү касиет болгон. (С.Закиров)

## Түшүндүрмө диктанты

Адам түйүлдүгү курсакта өнүгө баштаган алгачкы жумаларда келечектеги жашоодо аны эмне күтүп турганын сокур сезим менен билүүгө жана келечекки тагдырына өзүнүн мамилесин билдирүүгө жөндөмдүү деп мен ишенимдүү айта алам.

Эгерде бул мамиле жаман болсо, анда келечекте жарык дүйнөгө келүүгө эмбриондордун каршылыгы пайда болот.

Алдыда болуучу жашоону кассандра-эмбриондун кабылдабагандыгы, сөзсүз, адам баласы пайда болгондон бери эле келе жатат. Бирок айрым кош бойлуу аялдардын маңдайындагы сепкилдүү такка эч ким эч качан маани берген эмес жана азыр да маани бербейт . Мен мындай тактын маанисин чечмелеп гана тим болбостон, аны даанараак, байкаларлык кылып көрсөтүү жолун таптым. Ал үчүн мен нурландыруунун сеансын жүргүзөм, космостон Жерди көздөй тапкыч-нур жиберем. Орбиталдык модулдан жиберилген тапкыч- нур эненин курсагындагы кассандро –эмбриондун жандануусун күчөтөт. Ошондо кишилер мурда ысык деп жүргөн кичинекей сепкил-так тапкыч-нурдун таасири астында өчүп жана баштайт. Тапкыч-нур атмосферада көзгө көрүнбөйт, организмге таптакыр зыяны жок. Аларды мен космостон дээрлик бардык континенттерге, бүткүл планетага жиберип турам. Мындай нурландыруунун максаты – кассандра-эмбриондорду текши таап чыгуу. Эмбриондордон «космостук жооп алуу» жүргүзүлөт. Кассандра-эмбрион жиберген жооптун маңызы болжол менен төмөндөгүдөй: «Эгер эрк өзүмдө болсо, мен туулбай коюуну артык көрөр элем. Силердин сурооңорго жооп кылып, мен белги берем, силер андан мени, менин жакындарымды да, келечекте тагдырдын оор жазмышы, бирөө бөөдө кырсык күтүп турарын чечмелеп биле аласыңар. Эгер силер ал белгилерди чечмелей ала турган болсоңор, анда билип алгыла, мен, кассандра-эмбрион, эч кимге артык жүк болбой, туулбай туруп, туна чөгүүнү артык көрөм. Силер сурадыңар – мен жооп бердим. Менин жашагым келбейт. Бирок менин эркиме койбой, жарык дүйнөгө келүүгө мажбур болсом, анда мен, бардык эле адамдардай, маңдайыма кандай тагдыр жазылса, аны дал ошондой кабыл алам. Эмне кылуу керек – аны өзүңөр чечкиле, барыдан мурда мени боюна бүтүрткөн менин энем чечсин. Ага чейин менин айтканымды угууга жана түшүнүүгө аракет кылгыла. Мен – кассандра-эмбрионмун! Менден кутулуу али кеч эмес, мен ага даярмын. Мен, кассандра-эмбрион, дагы бир

топ күн силерге белги берип турам. Мен, кассандра-эмбрион, туулгум келбейт, келбейт, келбейт... Мен – кассандра-эмбрионмун!» (Ч. Айтматов).

## Тандама диктанты

Көчөнүн башында мени Нурсейит күтүп туруптур. Баса түшүп Сабираны кошуп алдык да жолдун ортосунан батышка туура кеткен көчө менен айылдын тамеки сарайды жандап өттүк. Ошондон айдоо аянтын аралап, түптүз жүрүп олтуруп, аркы кыштактын четиндеги медпункттан бурулуп, огороддордун ортосундагы жалгыз аяк жолго салып мектепке келдик. Ушул жерден Нурсейит бир философиялык ойду айтып таштады.

- Бүткөндөн кийин мектеп бизге кандай болуп калаар экен аа Сабира? Боюбузду салып кире албай калабызбы дейм да?

Сабира аны таң калгандай карады да жылмайып койду. Мен анын ушунусун абдан жактыраар элем. Ал жылмайганда жүзүндө кызыл ойноп, ажарланып, эки ууртунда сүйкүмдүү кылып жибере турган эки татынакай чуңкур пайда болоор эле.

- Ким билет. Мүмкүн ошондойдур. Аа ошондой. Азыр мен ушул мектепти өзүмдүкүндөй сезген менен кечээ бүткөн айлыбыздагы мектепке барганда эмнегедир кысылып калам.

Мен унчуккан жокмун. Ичимден алардын оюнун чындыгы бар деп койдум. Мектепке келгенибизде али балдардын көпчүлүгү теректердин көлөкөсүндө китеп окуп олтурушуптур. Биз аларга кайрылбастан түптүз мектепке кирдик. Экзамен башталып калыптыр. Класстын босогосун сагалап турган эки бала менен учурашкандан кийин Нурсейит аларга суроо салды.

- Баштаганыңарга көп болдубу?

- Жаңы эле кириштик.

Мен сырттан айылдагы ылдыйкы көчөнүн балдарын байкай алганым жок эле. Ошондуктан четки балага кайрылдым. Ал башын китептен албай жооп берди.

- Биерден көргөнүм жок. Сырттадыр. Бир жерде жанталашып окуп жаткандыр.

-Кыздар да келишкен жокпу?

- Оо аларың адегенде эле киришип, экзамендерди тапшырып кетип калышкан. Эмнеге мынчалык ашыкканын биле албадым. *(К. Сапарбаев. Катуу багыт)*

## Көрүү диктанты

Турмуштун жолуна мен ушундай ой санаа менен чыккам. Мен бул дүйнөдө жападан жалгыз, коколой баш экенимди эсимден бир да жолу чыгарчу эмесмин. Менде ата да, эне да, ага-ини да, эже-карындаш да, жеңе да, жээнда, таяке да – эч ким жок болчу. Мен асмандан түшө калгандай болгон жан элем. Балким мага дал ошол шыпаа болду окшойт… Ооба, мен укмуштай илимий мансапка жеттим, мен өзүмдү баш-отум менен илимге бердим, ошонун өзү тандап алган багытымда улуу ачылыш жасоого – жупунуланбай эле коөюн – мүмкүндүк берди. Ооба, бул ырас! Мен илимге кызмат кылдым, а илим мага, менин даңкыма, менин манчыркоомо, менин абалыма, менин жанымдын жайлуулугуна кызмат кылды…

Анан ушунун баары келип, менин космоско, орбиталдык станцияга алып келди – ушул тагдырга туш кылды. Анан мен өзүмдү өзүм космостун монахы деп атап алдым. Бул менин аргасыздыгымдын ашкан чеги болду. Мага жерден жай табылбайт, мен аны түшүндүм…

Анан тагдыр мага жашап өткөн өмүрүмдү, баштан кечиргендеримди ачык жазгыдай сейрек кездешүүчү мүмкүнчүлүк бергенин жана мени космоско качырган да ошол экендигин мен ушул жерден, космостон, түшүндүм. Анан мен ошондо мен өзүмө: сен болгондун баарын сабырдуулук менен түшүнүүгө, бардыгын өзүңө жана башкаларга айтып берүүгө милдеттүүсүң, дедим. Жансырдын маңызы ушунда – өзүңдү аябашың керек. Баарын болгондой, түгөтө айтуу керек. (Ч. Айтматов)

## Текшерүү диктанты

## К. Тыныстанов – чыгармачыл ишмер

К. Тыныстанов – чыгармачылык ишмердигин, бүткүл иш аракетин, бар кайратын илимий-педагогикалык, маданий жаратмандык ишке сарп кылган, кыргыз алфавити менен орфографиясынын принциптерин иштеп чыгуу, кыргыз тили боюнча окуу китептерин түзүү эң негизги максатым деп билген окумуштуу.

1924-жылы анын «Окуу китеби», 1927-жылы «Чоңдор үчүн алиппеси» жана кыргыз тили боюнча башталгыч класстарга арналган «Биздин тил» окуу китеби араб тамгасында жарык көрөт. Кийин «Ене тили» деген ат менен 1928-жылы жаңы тамгада биринчи, 1929-жылы экинчи жана 1930-жылы үчүнчү басылышы чыгат. 1931-жылы «Ене тили» окуу китебинин II бөлүмү жана 1927-жылы чоңдорго арналган окуу китеби «Окуу-жазуу бил» да Москвадан басылат. 1929-жылы биринчи баскыч мектептердин биринчи бөлүмдөрү үчүн арналган «Жаңы айыл» окуу китеби жарык көрөт

К. Тыныстанов ар мезгилде учурдун талабына ылайык кыргыз орфографиясынын туура багыт менен өнүгүшүнө иштиктүү таасир эткен, кыргыз адабий тилинин калыптанышына туура жана кеңири жол көрсөткөн ири окумуштуу болгон. 1934-жылы май айында Фрунзе шаарындагы жогорку жана орто мектептердин мугалимдеринин жана илимий кызматкерлеринин кеңешмеси чакырылып, ал кеңешмеге Киробкомдун жетекчилери менен өкмөт мүчөлөрү катышат. Ал кеңешмеде К. Тыныстанов кыргыз адабий тилинин жаңы орфографиясынын долбоору жөнүндө доклад жасайт, анын доклады угулуп, толугу менен жактырылып, кыргыз адабий тилинин жана орфографиясынын ал сунуш кылган долбоорун бекитет. К. Тыныстанов ал докладында кыргыздын адабий тили кандай булактардын эсебинен байып жаткандыгын, кыргыз тилинде канча диалектинин бардыгын, кыргыздын адабий тилинин кайсы диалектинин негизинде куралгандыгын жана кыргыз

адабий тили мындан ары кандай багытта өнүгүүгө тийиш экендигин ачык белгилеген. Ошол бекитилген кыргыз орфографиясынын принциби, негизинен, дал ушул кезде да биздин адбий тилибизде колдонулуп келе жатат. (А. Абдыкалыкова)

**Эркин диктанты**

Бул сапар да баягыдай иш айтылган Сөздөн, Сөздүн өзүнөн башталды. Ооба, баягы качандыр бир болуп кеткен дүйнөгө маалым түбөлүктүү сюжеттегидей болду.

Анан кийинки окуялардын бардыгы ошол айтылган Сөздөн келип чыкпадыбы…

Антсе да бул күтүүсүз жагдайга биринчи кабылган адамдардын көпчүлүгү кийин жүрүп дал ошол окуяны өмүрүндөгү эң укмуштуу окуя катары мемуарларында жазышаарын эч кандай ойлошкон эмес. Анан калса бир кызык – ошол окуяга күбө болгондордун баары сүйлөшүп алышкансып, эскерүүлөрүн: »Ошол күнкү болуп көрбөгөндөй окуялар детектив романдагыдай өнүктү» деп баштоого мажбур эле.

Чынында эле ошондой болду. «Трибюн» газетасынын кызматкерлери капысынан жетекчилик жайгашкан кабатка шашылыш чогулушкан редколлегиянын чукул чакырылган кеңешмесинин маалында тыяк-быякка чалууга, телефондун шыңгырагына, факска жооп берүүгө, ал эле эмес кимдир бирөөнүн редакциянын эшигин аттап киришине тыюу салынсын деген баш редактордун буйругун алышты.

Ошентип баары ушул чукул чакырылган кеңешмеден башталды да калды. Буга окшогон билдирүүнү газета бетине жарыялоо үч уктаса түшкө кирчү ишпи! Броик баары бир бир бүтүмгө келүү керек эле, аракеттенүү керек эле. Же бар, же жок – маселе мына ушундай кырынан турду. Ошентип, «бардык континенттерде ойду ойготуучу» деген атак аталган «Трибюн» азгырылбай коө албады (албетте, азезилдин азгырыгы деп кийин опоненттери айткандай), дүйнөнү дүңгүрөткөн кабар деген оңойбу. Редакция бул материалга эксклюзивдүү

укук алды да, адамзат тарыхында мурда болуп көрбөгөн документти шыр жарыялап жиберүүгө тобокел кылды.

Мына ошондо, окуялар башталар алдында, редакциянын баяндоочуларынын ичинен кимдир бирөө көбүнүн эсинде калган сөздү айтып салды: «Мына, жигиттер, болору болду, - деди ал колундагы сыры кургай элек баракты көрсөтүп, - тарыхта ойго келбес окуяны мына биз, «Трибюн» жарыялап отурат! Бүттү, эми бизге эч ким жетпейт, калганын көрө жатабыз – турмуш көргөзөт. Мунун аягы эмне болмокчу демекчисиңер го? Көрө жатабыз да! – Ал башын чайкап койду да, сырдуу кошумчалады: - Анткени коллегалар, кечирип коюңуздар, эскертип коөюн, мындан ары ар ким өзү жөнүндө ойлонушу тийиш – бир сааттан кийин эмне болоору белгисиз». (Ч. Айтматов)

## Сүйлөм аягында коюлуучу тыныш белгилери

## Эскертмелүү диктанты

Учу-кыйыры жок жол… Ал кыргыз санжырасы! Бул жолго чыгуу үчүн нечен айлар, нечен жылдар даярдандым. Күн артынан күндөр, жыл артынан жылдар өтүп жатты. Мен чубаган кыргыз санжырасынын жиби түгөнгөн жок Улам тереңдеген сайын түйүндөрү көбөйүп, чатышкан жерлери күчөдү. Жолдор тармакталып, баш каңгыган абалга жетти. Бир эле жолдун тууралыгына ондогон күбө өтсө, миңдегени жалганга чыгарды. Бирин-бирине салыштырып, аз-көптүгүнө карабай туура го дегенин илгеп алып алып жүрүп отурдум. Алгачкы учурда кыргыз санжырасындагы жомок, тамсилдер, уламыш, мифтер, баатырдык баяндар, чечендик айтыштар кызыктырса, бара--бара анын урук, уруу бөлүнүштөрү, элдин жаралышы, түзүлүш процесси оп тарта баштады. Көрсө эл жомогу канчалык кызык болгонуна карабастан, ошол элдин түзүлүшү, башынан өткөргөн кыргын-сүргүнү андан бетер сонун болот экен. Айрым отуруштарда, аш-тойлордо же жөнөкөй эле жол жомогу башталганда айрым уруулар, уруктар, ата тукуму жөнүндө сөз

болуп калса жата калып уккандарын көп байкадым. Ал түгүл уруу ортосундагы майда окуяларга байланыштуу кызырандап айтышуу же уругу туура келип калса бат эле жакындашып, туугандашып кете турганын көрдүм. Ал эми жалпы кыргыз элинин кайдан келгенин, кайда жайгашканын, кандай эл менен аралашканын, согушуп-таттуулашканын, деги эле кыргыз деген аттын эмнеден келип, кандай пайда болгонун түшүнүүгө кызыккан он миңдеген, жүз миңдеген адам - кыргызмын деген бүткүл эл, ак эткенден так эте турганы маалим болду. Ошол үчүн алардын тилегин, ойлогон оюн канагаттандырыш үчүн ар бир мезгилдин ойчулдары, санжырачылары өздөрү уккан билген уламыштарга өз ойлорун кошуп түшүндүрүп келишкен экен. Айрымдары карандай уккан сөздөрүнө ишенип, ошол мезгилде ушундай деп айтышкан, дал ошол туура десе, кээ бирөө окуган китептеринен пайдаланып алда канча далилдүү ойлорду айтышка жетишкен. (С. Закиров)

## Текшерүү диктанты

Эне-атасы стол жасалган мейман бөлмөсүндө. Алардын жанында курдаштары. Курдаш демекчи, жездем менен Зарип теңтуш, Гүлбайрам эже дагы. Ал эми эжем Макиш он чакты жаш кичүү. Согуштун астында «Отелло» жаңыдан кыргыз мамлекеттик театрында коюлган. Жездем Отелло, эжем жаш актриса Дездоманонаны мыкты аткарган. Ошондон бир-эки жыл өткөндө жездемдин аялы каза таап, экөө үйлөнүшкөн. Күйөөлөрү курбу болгон соң, аялдары да мамилелеш. Гүлбайрамдын улуулугун сыйлап, эжемдин Гүлбайра эже дегени сыпайгерчилик.

Нураим өз үйүндөй эркин тыяк-биякка көз жүгүртүп, наркы чех гарнитуралуу жатаканага моюн созуп, кайра тартты.

- Квартираңарды бүт кыдырып көрүп чыгайынчы.
- Ошенте кой кагылайын. – Эжем эпилдеди.
- Искен, экскурсовод бол! – жездем мага буйра күркүрөдү.
- Ээрчий чыктым. Нураим бетмаңдай балдар бөлмөсүн ачты.

Эки никель керебеттин ортосундагы столдо китеп тиктеп мелтиреген Болот, шыпка жетүүчүдөй козголду:

- Саламатсызбы, Нураим эже.

- Ой - бой, Болотчик, заңкайган жигит болгон турбайсыңбы. Нураим кол алышты. – Сыягы Болот экөөңдүн жайың го. – Менден мурда озунду. – Ушундайбы экскурсовод?

- Ооба.

Каалгасы ачык аштымкананы, муздаткычты, тамак столун айлана карап, газда бууланган тамак жытына тойгонсуп шарт бурулду, кабинетти беттеди:

- Ох - о, о… Китепканаңар бай тура. Стеллаждагы китептерге сугула карегин кадап, о кыйлада магнитафонго байырлады:

- Жазылган пленкаңар көппү?

- Алынча. Көзү өткөн эл акындарынын, обончу, комузчулардын үндөрү, күү ырларын жездем сактап жүрөт. Өзүнүн, эжемдин монологдору бар.

- Дурус-с, маркумдардын үндөрүн угууга мүмкүн экен да.

- Мүмкүн.

Үкөкчөдөн пленкаларды сууруганымда Нураим, алакан жаңсады:

-Азыр эмес, Азоолок чай-чама ичип, аксакалдардын ичегиси кызыганда. – Нураим журнал столуна бурулуп, креслого эңкейди. Журналдарды четинен барактап, көзүнөн өткөрүүдө.

- Балдар, келгиле, чай ичели!

Жездемдин заңкылдаганы магнит темирди тарткандай Нураимди шарт тургузду. Тил алчаак, адептүү балалыгы эсине түштүбү, журналды жаап, сереңдеп чуркоочудай камынып боюн токтотту. «Балдар келгиле» - бу чакырыктын керемет маанисин жоруудамын. Экөөбүзгө тең көптүк түрүндө эркелете кайрылды. Арийне, экөөң биригүүчү максатташ жашсың. Чогуу келгиле – дегени. Болбосо ар кимибизди атыбыздан атап чакырмак. Бекеринен жездем антпеди. Сөзсүз. Улуулар өзүлөрүнчө кожурашып талкууда. Биздин бири-бирибизге байырлашып, кабинетте отурганыбызды баамдашып, жайнаган тамакты жалдыратпай чогуу татыш үчүн башкасы батынбай, жездем каркылдады. (Урпактар үнү)

## Тандама диктанты

- Андай болсо убакытты текке кетирбе. Өзүң түшүнөсүң. Биз акыл-эсибизди жыйнашыбыз керек. Бул – согуш. Мен ошондой деп ойлойм, Роберт. Кадимки согуш!

- Туура. Бирок бул согуш каршылаш үчүн, душман үчүн, анын өзүн-өзү акырына чейин жеңиши үчүн согуш. Мен залда кол чаап олтургандарды айтам. Бул согуштун маңызы мына ушунда, Жесси.

- Түшүнөм. Бирок андан менин жаным жай алып калган жери жок. Каалабайм, тагыраак айтканда, мындайды кабыл ала албайм. Өзүмдү кайра жасай албайм. Мени кечирип кой. Душманга камкордук көрүүбү, мындайча айтканда, өзүңдү өлтүргөндү сактап калуубу? Дагы баягы христиандык постулаттарбы?

- Шашылба. Бул христиандарга эле эмес, бири калбай баарына тиешелүү. Тилекке каршы, бардык балаанын баары, биз, адамдар, акылы бар макулуктар, эч нерсеге карабай, дайыма бузулуп келаткан жашоо үчүн жоопкерчиликтен кандай да болсо айласын таап кутулуп кетүү үчүн жан алакетке түшкөндүгүбүздөн, жана караны актан айырмалабай жана андан кенедей да коркуп койбой, эптеп эле кутулуп кетсек деп ал үчүн сансыз шылтоо тапкандыгыбызданчыгып жаткандыгын көбүнүн түшүнгүсү келбейт. (Ч. Айтматов)

## Түшүндүрмө диктанты

Бул маселенин айланасында коомдук чатак чыгып кетиши мүмкүн экендиги турган иш. Мына ошондо эмне болмокчу? Чет өлкөлөрдө чуу көтөрүлмөк, ООНго жана башка гуманитардык уюмдарга чейин жетмек, алар ушундайды эле күтүп турат эмеспи! Мына ушул жерден биздин угар кулак, көрөр көзүбүз

үч тамганын – КГБнын – даанышмандыгына жана айлакерлигине баа беришибиз керек.

Сен кыйналып-кысталасың, ал жөнүндөгү ойду, ал жөнүндөгү эскерүүнү эптеп ары жылдыруунун айласын издейсиң. Эмне демексиң? Өзүңдөн өзүң качып кутулуу деген акылсыз, ишке ашпас аракет экенине сен эмгиче ишенбейсиңби?

Бирок ушинтип ойлоорун ойлоп алып, өзүмдү өзүм жек көрө баштадым. Сен эмнеге актанып жатасың, кимдин алдында жана эмне үчүн? Чабалдык кылдың. Анан эмне эле аны ойлоп туруп алдың?. .

Мен анын ишин кайрадан ачтым. Лопатина Руна Федуловна, 158-статья боюнча, антисоветтик материалдарды сактаганы жана тараткані үчүн соттолгон… А, туура, кайсы чымчык экени учканынан көрүнбөй турабы?! Ошо да, ошо да, мындайлар дайыма ушундай, бир нерсеге каршы чыгышып, өздөрүн көрсөтүп турушат, бул жолу да сорок деп көрүнө калчу жерди тапкан тура… Эри жок, ажырашкан. Мындай карабет менен ким жашайт. Таң каларлык эч нерсеси жок. (Ч. Айтматов)

### Эркин диктанты

Киттер анын түшүнө дагы кирди. Ал океанда киттер менен аралаш көпкө сүздү. Ал киттердин толкундар жаба берип жаткан көздөрүнө тике карады да, эмне деп жатканын түшүндү. Ал өзү да кит эле. Анан алар, ал баягыда самолеттон көргөндөгүдөй , кырка сап тартып сүзүп баратышты. Алардын алдыга, горизонттун көрүнгөн чегине карай, ал жакта аларды алда неме күтүп тургансып, кандайдыр түшүнүксүз күч айдап баратты. Горизонт улам алыстай берди, алар болсо алп денелери менен толкунду жара бөлүп, сүзүп кете беришти. Океандын суусу улам ысый берди. Өркөчтөнгөн толкундар дене кайырды. Канчалык арылган сайын ысык толкунду жиреп сүзүү ошончолук оор да, коркунучтуу да боло берди. Ал көрдү да, океан эмне үчүн мынча кайнап чыкканын дароо түшүнө койду. Океан үстүндө бир заматта эки бирдей күн пайда болду. Жанаша коюл-

ган прожекторлордой болуп, эки өрттөй кызыл тегерек шар асманда алоолоп турду. Кайсынысы чыныгы, түбөлүк күн экенин, а кайсынысы – кайдан-жайдан адашып келген, а мүмкүн, чыныгы күн менен атаандашканы келген күн экенин түшүнүү кыйын болчу. Ал катуу коркуп кетти. Анан ал катарында сүзүп бараткан киттерге кыйкыра баштады: »Карагылачы, карагылачы, киттер, кагылайын боордошторум! Асманда эки күн турат! Эки бирдей күн! Угуп жатасыңарбы?! Бул жаман жөрөлгө! Океан кайнап чыгат да, баарыбыз өлөбүз! Эки күн – кырсык!»

Роберт Борк бууркандаган албуут океанда жан талашкан киттер арасында дагы көпкө кыйкырды, ойгонсо кара терге түшкөн, дүк-дүк соккон жүрөгүнүн дабышы кулагына жаңырыктай угулат. Уйкусу ачылганга чейин бул түшү экенине дароо ишене бербеди. Океан үстүндө көз уялта жаркыраган кош Куяш түшү эмес, өңүндө көргөндөй, көз алдында турду. Киттер буга чейин да анын түшүнө кирген учурлар көп эле болгон, бирок буга окшоп төбөдөн кош Куяш куйкалап турушу болуп көрбөгөн нерсе! Алаамат, алаамат!.. (Ч. Айтматов)

## Сүйлөм ичинде коюлуучу тыныш белгилери

## Тандама диктанты

Нураим… Нураим… Капилеттен кандай керемет торду жайдың. Сенин мамилеңе, сыйкырыңа таңмын. Балким сынооң чыгар… Өтө табышмактуу, өтө сырдуу. Аваз кылып үндөп атсаң, качканым жөнбү. Анда өмүр бою жүзүңө тик багалбай өтөөрмүн. «Көрүп койсо көңүл ток дегендей жаныңа шыноорлойунбу? Жо… жо… Шыноорлоо үчүн гана чакырып жатканың жок. Калка тутуп, опол тоодой өбөк болууга, жеткен чекиттен ишти дагы нары жылдырууга… Ошого жараймбы? Түшүндүрүү, ишендирүү. Кркконум: илимге жаңыдан аттанганда, үзөңгүдөн бут тайып, кесиптен ажырап каламбы? Академик Азимовго берген убадам, «Маданий мурас» көздү сайгылап, артымдан сагалап жүргөнсүйт. Нары кызык, нары маанилүү

теманы изилдөөнүн чыгармачылык оорусу тынччылык бербесин түшүнүп жана көрүп турам… Кабыл алгандарга түгөл илимий «оорумду» айта берем.

Телефондон үн: «Кыргыз тарыхынын кээ бир изилдене элек маселелери жөнүндө»… Нияз Каленович баш болуп талашып окуп жатабыз. Ишенбей, үйүңө телефон чалып тактадык.

Кулагым дүңгүрөп, башым айлангансыды.

- Рахмат, рахмат Мавр.

-Басууга кол коеруңда (мурда «сиз» дечүмүн. Негедир комсомолчо, комсомол жетекчилерин туурапбы, же ачуунун күүсүнөнбү »сенге» өттүм) полосанын экинчи полосасын мага жеткирт.

Иманов менин мамилемдеги өзгөрүүдөн улам (илгери кичирээк чагында «сиз» деп, чоңойгондо »сенге» өткөнүн көр деген ниетте) азоолок кызарып, сыр алдырбоого аракеттенип, бирок да:

- Жарайт, жарайт, айтканыңыз, тоесть айтканыңдай болот – деп ызалыгын билдирип койду.

Мен «сенге» өтсөм, ал «сиз» деп какшыкты кайпытты. Мейли, бирге иштешкен соң, ачык түшүнүп, ачык сүйлөшкөнүбүз өтөөр. Имановдун жекече тыңдыгы мага дайын. Секретариаттын ишин беш колундай аткарааары, макет, газетанын графиктен кечеңдебей чыгышына, бөлүмдөрдөн материалдарды талап кылуу, авторлорго айына эки мертебе гонорар чектөө жактарын катырчу. Бөлүмдөрдөн даярдалган кабарларды кимикин мурдараак, кимикин кийинчерээк, кээсин кармап жатып эскертип кайра кайтаруу, кимикин макетке азайтып кыскартуу, кимисине гонорарды баса, кимисине кемите коюуга чебер. Ошентип, жооптуу секретарлык авторитетин билгизип газетанын чыныгы камкор эсиндей какайчу.

Запастагы полосаны окууга кириштим. Редакциянын салты боюнча төрт полосанын бирөө (ичкисинен) дайыма даярдалат. Бүгүнкү милдетим редакторлук. Редактор деген баштатан кайсы макалалардын (албетте маанилүүлөрүн) кетишин талдап, макетти кошумча, алымчалап өзү бекитип түшүртүшү зарыл. (Урпактар үнү)

## Чыгармачылык диктанты

### Сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1. Мен агайга мындай дедим: «...» 2. Мугалим биздин суроobузга төмөнкүдөй жооп берди: «...» 3. Облустун губернатору өзүнүн докладында: «...» 4. Мугалим мындай суроо берди: «...» 5. Аким өзүнүн жообунда: «...» деди. 6. Аким айыл өкмөттөрүнүн жыйналышында: «...» деди. 7. Биздин президент электр тармагы боюнча ар дайым мындай дейт: «...» 8. Кыргыз элинде кыз наркы тууралуу макалдар: «...» бар экенин билебиз. 9. Окуу бөлүмүнүн башчысы: «...», - деди. 10. Биздин балдар мындай деп кыйкырды: «...».

## Түшүндүрмөлүү диктанты

1. Эжемдин такыганы кээде кыжырыма тиет. - Мени үйүнө олтургузганда табаары не? Кудай жалгап кухня жактан жездем зыңкылдады:

- Макиш, бери кел, мага кол кабыш. Жумуртка кууралбай убара тарттым.

- Мен үчүн кылча иш жасабас элең. Куура бер. Көрсөң мунун кайнисине кошоматчылыгын.

Мойнума илген көйнөгүмдү эжем жулуп алды. – Уялбай ушуну кантип киесиң? Карачы, жакасынын, жеңинин кирин.

Костюмдун ичи кирдептир. Дагы бир ак көйнөгүм боло турган эле. Аны чечкеним качан. Жууга колум тие элек, делдейип турдум *(көйнөктөрүмдү өзүм жуучумун)*.

Эжем өзүлөрүнүн шкафынан үтүктөлгөн таза көйнөктү үлпүлдөтө кармап маңдайыма жетти. Жездемдикиби, Болоттукубу, айтор экөөнүн бирөөнүкү.

- Кий, мекеменин жетекчиси. Таза кийиниш керек. Анын үстүнө илимпоз, бой жигитсиң. Сенин ишиңе да, кебетеңе да эл көңүл бурат.

Телефон чалсам, Иманов:

– Ошонткенибиз ырас. Жыл аяктап, резерв азыраак бар. Мага акылдашсаң, жөнүн түшүндүрөм – деди.

Трубканы коюп беркилерге кайрылдым. – Ойлонгула. Ким жаңыча, жандуу уюштурууга, күчүнө ишенсе аны жиберебиз. Жолдош Абдраков, бөлүм башчысы да газетага катышып турuусу зарыл. Өзүңө тапшырма мына мындай. Республиканын чарбасын көтөрүүдө жаштардын үлүшү деген темада айыл чарба министринин макаласын уюштурасың.

- Министр газетага макала жазып бербей калсын. Андан көрө специалисттердикин уюштурайын – деди. Абдраков кайрадан тамылжый кызара. »Болбосо өзүңүз сүйлөшүп бериңиз, анан барайын» деген талапты койбосо экен деп шашыла жыйынтык чыгардым.

-Азырынча сүйлөшүп бүттүк. Жолдош Абдраков, министрдин кабыл алуусуна катталып, кезмет күткүн. Шашылыш эмес, аңгемелеш, оюн ук. Эгер жазууга чолосу тийбесе, фактыларын алып, жаз. Анан көргөз, кеңеш, оңдот. А балким министр менен аңгеме деп уюштурарсың. Макулдаштык. (Урпактар үнү)

## Көрүү диктанты

Ш. Бейшеналиев башталгыч мектепте окуп жүргөн кезинде анын айлында таланттуу адамдар көп боло турган. Баарыдан да Шүкүрбектин чоң энеси өз жерине атанган жомокчу катары белгилүү эле. Чоң эненин таттуу сүйлөп, таасын айткан жомоктору кичинекей Шүкүрбектин адабиятка болгон кызыгуусун арттырган. Кыргыз элинин таланттары: атактуу манасчы Багыш, элдик куудул Куйручук жана Калык, Муса өңдүү акындар, шайыр-өнөрпоздор жайкысын көбүн эсе Курткага келишип, Шүкүрбек төрөлгөн айылда көпкө жүрүшчү. Улуу Тоголок Молдо ошол жердик болгон. Анын «Торпогум» өңдүү

ырларын балдар ооздон-оозго жазып алып үйрөнүшчү. Акындардын, элдик өнөрпоздордун айткандарына дитин коюп, үйрөнүп алууга жана ошолордой болууга талаптанган жеткинчектердин бири ал кезде мына ушул Шүкүрбек болучу.

Ш. Бейшеналиевдин чыгармачылык ишинин өнүгүшүнө эбегейсиз зор таасир эткен учур деп, анын студенттик жылдарын көрсөтүүгө болот. Пединституттун адабий ийриминдеги адабияттын маселелери боюнча жүргүзүлгөн талаш-тартыштар, пикир алмашуулар, жазуучулардын чыгармаларына болгон талкуулар, эң акырында институттун берген татынакай билими – мына булардын бардыгы «чыгарманы кандай жазуу керек, идеялык-көрөкөмдүк жактан чыгарма кандай болууга тийиш?» - деген сыяктуу суроолорго жооп берген өзүнчө бир адабий-турмуштук сабак болчу. Албетте, мындай чыгармачылык атмосферасы бай чөйрө чыгармачылыкка шыктанган Бейшеналиевге өзүнүн оң таасирин бербей койгон жок. (К. Артыкбаев).

## Текшерүү диктанты

## Айтматов космосу – адам жана аалам

Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы көтөрүлгөн глобалдык проблемаларды жан дүйнөм менен кабылдап, ойдон ойго чөмүлүп, Жер менен Космостун чексиз мейкиндигинде жан-алакетке түшүп жатаканада негедир элибиздин ой менен сөздүн эң бийик, ыйык синтезин көрсөткөн ташка тамга баскандай элестүү да, көркөмдүү да, маанилүү да терең асыл касиет – кереметтерди камтыган өмүр менен өлүмгө, адам жана коомго байланыштуу нечендеген макал-лакаптарын айласыз эскерип жаттым: «Жакшыдан жаман туулса чыгаша», «Баланын туулганына сүйүнбө, тураарына сүйүн», «Баланын өзүн төрөйт, кыял-жоругун кошо төрөбөйт», «Бири тентек чыкса, бири жөнтөк болот», «Бала жакшысы – атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин баркы»ж. б.

Анан да кандайдыр бир катуу өкүм менен «Туулбай туураңдан калгыр» деп коюшат. Эмне үчүн?! Кара өзгөйлүктөнбү?! Кастыктанбы?! Көрө албастыктанбы?! Өзүмчүлдүктөнбү?!.

Айтматовдун планетардык ой жүгүртүүсү Адамзат менен Аалам масүтабында адам жашоосунун, тагдырынын келечектеги эволюциясы жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет. Айтматов дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган жүздөгөн элдердин психологиясынын экстремалдык кырдаалга байланыштуу өзгөрүшүнө космостук бийиктиктен байкоо салат. Космос - бул автор үчүн Аалам гана эмес, Адам рухунун байлыгы. А рух - адамзаттын түбөлүк категориясы. Чыңгыз Айтматовдун Ааламы – Мейкиндик жана Мезгил жагынан чектелбеген чексиз бүткүл дүйнө. Айтматовдун Космосу – адам интеллектисинин бийиктиги.

Жазуучу адам баласынын өзүн-өзү таанып-билүү процессинин эң татаал баскычтарына, коомдун жана ойлоонун өнүгүшүнүн ички сырына, маңызына, закондоруна, генетикадагы теориялардын адамзаттын жашоосу үчүн ролуна жана биохимиялык, мутагендик методдордун жеке адамдын психологиялык өнүгүш процессине зор таасирине, менделизм менен дарвинизмдин концепцияларына, адам баласынын эмбриондук өнүгүшүнө бекер кызыгып жатпагандыгын көрөбүз. Эмбриондук өнүгүү - организмдин жекече өөрчүшү энелик клеткадан – зиготадан башталган менен, анын бүткүл дүйнөлүк жалпы социалдык-психологиялык, философиялык-нравалык, моралдык-эстетикалык мааниге эгедер экендиги «Кассандра тамгасы» романынын эң башкы тематикасы. (А. Акматалиев)

## Эскертмелүү диктанты

Тиешелүү медициналык изилдөөдөн өткөндөн кийийн инкубанын ролу зек аялга төмөнкү шарттар менен сунуш кылынат: а) бир иксроддун төрөлүшү аялдын камактагы мөөнөтүн жарымына кыскартат, эки иксроддун төрөлүшү аялдын толук эркиндик алышына укук берет; б) зекинкуба баланы үч айга чейин эмизет да, андан кийин аны кылчактабастан мамлекет-

тин карамагына өткөрүп берет; в) төрөттөн кийинки мөөнөт аяктаган соң зекинкуба лагерге, же өтө алыс райондордун бирине которулат; г) зекинкуба өзүнүн ролу, турган жери, аны тейлеген адамдардын составы жөнүндө маалыматты тараппоого милдеттенет; кокус бул шарттарды буза турган болсо зекинкуба кайрадан жоопко тартылат.

Улуу адамдар, көсөмдөр искроддор чөйрөсүндө, демейдеги архаикалык чөйрөдөгүгө караганда алда канча көп чыгаарынан күмөнүм жок. Өзүңүз түшүнүп турасыз – бул жерде үй-бүлөлүк жана башка көнүмүш байланыштардан жана түйшүктөрдөн толук эркиндик бар. Балдар жасалма жол менен бирдей өндүрүлүп чыгарылат жана ошого ылайык тарбияланат. Баса, Бөлүмдөгү айрым жолдоштор жашырын туугандарды «сбакит» деп атоону сунуш кылып жатышат, - кайдан келип чыкканы белгисиз асыл таштын сыныгы ушинтип аталат, - бирок менин оюмча, »искрод»- мыкты, уккулуктуу да, так дагы.

Алардын ичинен бирөө ган ал эрежеге сыйбады… Эми аны кийинчерээк… Ал жөнүндө кийинчерээк айтсам болоор эле… Мына сен өз жээгиңе келдиң, ары жагында болсо башка дарыя…

Мына ушунун өзү бакыт. Анткени бакыт деген көңүлдөрдүн бириккени эмеспи. Анан ал үнгө келгенден кийин верандага экөө чогуу олтуруп алып, Жесси койгон музыканы угуп *(ал классикалык музыка дегенде жанын берет)*, өзү жакшы көргөн ак шараптан ирмегиси келип кетти… Бирок космостогу монах жөнүндө ой кылт эте калды, ошондо бүгүн андай жыргал болбой калышы да мүмкүн деп ойлоду. (Ч. Айтматов)

## Чыгармачылык диктанты

1. *бах, бали, баракелде, чиркин, ай-ай, пай-пай* деген сырдык сөздөрдү сүйлөмдүн акырында, ортосунда,башында келтирип сүйлөмдөрдү түзгүлө. Тыныш белгисинин коюлушу жөнүндө айтып бергиле.

2. *Жалал-Абад, Үч-Терек, Ата Мекен, жолдоштор, студент-*

*тер*, *калайык* деген сөздөрдү каратма сөздүн маанисинде колдонуп, сүйлөм түзгүлө. Тыныш белгисинин коюлушу жөнүндө айтып бергиле.

3. *Экөөбүз, баары, жетөө, булар, ошолор* деген жалпылагыч сөздөрдү бир өңчөй мүчөдөн кийин келтирип, сүйлөм түзгүлө, тиешелүү тыныш белгисин койгула. Тыныш белгилери жөнүндө айтып бергиле.

## Эркин диктанты

Азырети улугум, өз позициямды тактап коюуну милдетим деп эсептейм. Абортко тыюу салуунун католиктик тарабынан ишенимдүү жактоочусу болуу менен, мен, ошого карабай, Кассандра тамгасы табылса аборт жасатууну ылайык көргөндөрдү так кесер күнөөлөй албас элем, анын үстүнө иштин мындай бүтүшү кассандра-эмбриондордун өздөрүнүн умтулууларына да жооп бермек.

Натыйжада биз өтө татаал карама-каршылыкка дуушар болобуз. Чечкиндүү аракеттер *(абортторр)* маселени чечпейт, тескерисинче, дүйнөлүк аң-сезимдин өзөктүү проблемаларын тереңдетип жиберет – түйүлдүктүн эсхатологиялык комплексин пайда кылуучу себептери козголбостон кала берет.

Болочок эне ойлобой кое албас кыйынчылыктар мына булар:

-ачарчылык,

-труүобдор,

-оору-сыркоолор, алардын ичинде СПИД бар,

-согуштар,

-экономикалык кризистер,

-социалдык толкундар,

-кылмыштуулук,

-сойкулук,

-баңгилик жана банги,
-этника аралык сабаш, расизм,
-экологиялык, энергетикалык катастрофалар,
-ядролук сыноолр,
-кара тешиктер, ж. б.

Ушунун баары колдун иши, ушунун баарын адам өзү жараткан. (Ч. Айтматов)

## МАЗМУНУ

Киришүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Тыныш белгилердин мааниси жана кызматы . . . . . . . . 4
Интонация жана тыныш белгилери. . . . . . . . . . . . . . . . 7
Сүйлөм аягында коюлуучу тыныш белгилери . . . . . . . .12
Чекит. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .13
Суроо белгиси. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .15
Илеп белгиси . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .17
Көп чекит . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .18
Сүйлөм ичинде коюлуучу тыныш белгилери . . . . . . . . .22
Үтүр белгисинин коюлушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .24
Үтүрлүү чекит. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .27
Кош чекит. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .29
Кашаа . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .32
Сызыкча . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .35
Тырмакча . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .37
Айрым тыныш белгилеринин кабаттала коюлушу . . . .40
Тыныш белгилеринин коюлушун эске түшүрүү
үчүн диктанттар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .42

Рыскулова Г. У. , Рыскулова Э. У

**ПУНКТУАЦИЯ БОЮНЧА**
**КӨНҮГҮҮЛӨР ЖЫЙНАГЫ**

*Корректору:* Р. Келдибаева
*Компьютердик калыптоочу:* Хуррам Газибаев
Көлөмү 64-б. Офсеттик ыкмада басылды.
Нускасы 300 даана.